**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕПТЕРДИН 5-9-КЛАССТАРЫ ҮЧҮН**

# ТАРЫХ

**ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ПРОГРАММА**

Программаны иштеп чыгууга катышкандар: М.К.Иманкулов – п.и.к., доцент (жетекчиси); Т.К.Чоротегин – т.и.д., проф.; Т.Н.Өмурбеков – проф.; К.Молдокасымов – т.и.к.; Б.У.Козубаева – КББАнын ага илимий кызматкери; А.К.Дөталиев – «Сапат» билим берүү борборунун тарых мугалими; К.Курманалиев – И.Арабаев ат. КМУнун тарых мугалими.

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Азыркы шарттардагы мектептин маанилүү милдеттеринин бири, окуучуларга зарыл болгон билимдердин көлөмүн берүү гана эмес, жогорку деңгээлдеги саясий маданиятка ээ болгон, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөмдүү жана азыркы турмушка максималдуу түрдө даярдалган, социалдык активдүү жаранды даярдоо болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн башкы милдети, өсүп келе жаткан муундарга өткөндүн баалуулуктарын өткөрүп берүү жана азыркы учурдагы жетишкендиктерин сактап калуу менен, акыл-эстүү жаранды тарбиялоо болуп саналат.

Бул маселелерди чечүүдө мектептик тарых предметинин ролу чоң, анткени ал окуу предмети катары окуучуларга өз элинин жана башка элдердин маданий-тарыхый традицияларын өздөштүрүүгө, бирдиктүү мамлекетке интеграциялануута, өзүн Кыргызстандын жараны катары идентификациялоого көмөктөшүүгө тийиш.

XXI кылымдын башындагы кыргыз коомчулугу, тарыхый процесстерди түшүндүрүүнүн марксисттик, формациялык ыкмасын тарыхый процесстин белгилүү жактарына басым жасаган, цивилизациялык, стадиялык, маданият таануучулук жана башка мамилелер менен алмаштыруу зарылдыгы келип чыкты.

Коомдо жүрүп жаткан социалдык-экономикалык, саясий, идеологиялык өзгөрүүлөр азыркы мектепке жаңы талаптарды коюуда. Эми мектептин бүтүрүүчүлөрү кеңири жана ар тараптуу билимге, аларды өз алдынча толуктоо ыктарына жана көндүмдөрүнө ээ болуусу жетиштүү болбой калды. Адамзаттын адап-ахлактык жана маданий баалуулуктарына таянган, жаңы цивилизациянын шарттарында жашоого даяр, компетенттүү инсанды калыптандыруу керек.

**Мектептик тарых предметинин негизги максаты** – социалдык эстутумдун негизинде окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, азыркы көп улуттуу, көп маданияттуу коомдо өзүн идентификациялоого, өз алдынча чечим кабыл алууга, өнүгүүгө жөндөмдүү компетенттүү инсанды калыптандыруу.

Азыркы учурдагы тарых сабактары окуучуларды фактыларды жана алардын баалоолорун эсинде тутуп калууга эмес, көп сандаган тарыхый маалыматтардын арасында адашып калбай, өз алдынча багыт ала билүүгө, тарыхый көрүнүштөрдүн ортосундагы себептик-натыйжалык байланыштарды таба билүүгө, тарыхый процесстеги маанилүүлөрүн экинчи даражадагыларынан бөлө билүүгө үйрөтүүгө тийиш.

Өткөн мезгилдердеги тарых тууралуу маалыматтарды окуп-үйрөнүү, ага тигил же бул тарапка ооп кетпестен объективдүү баа берүү, аны терең жана ар тараптан изилдөө жана анализдөө, өткөндөн сабак алууга, системаны өркүндөтүүгө, өнүгүүнүн туура жолдорун тандоого жардам берет. Демек, билим берүү саясатынын ата мекендик моделин, тарыхый аң сезимди калыптандыруунун каражаттарын жана методдорун изилдөө зарыл жана актуалдуу болуп саналат.

Тарыхый билим берүүнүн максатына жана мазмунун аныктоого коюлуучу талаптардын жаңылыгы, азыркы турмуштук талаптарды, инсанга багытталган, компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган окутуунун принциптерин ырааттуу жүзөгө ашырууга багытталгандыгы менен аныкталат.

Тарыхый билим берүүнүн максатын жана бүтүрүүчүнү даярдоонун талаптарын иштеп чыгууда коомдогу күндөлүк турмушу үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга, мекенчилдикти, жарандык сапаттарды, улуттук идентүүлүктү өнүктүрүүгө басым жасалат.

Тарых курсунун мазумун тандоонун принциптери тарыхый билим берүүнүн фундаменталдуулугун жана системалуулугун сактоону караштырат. Бирок «билим берүүчүлүк мамиле» менен чектелип калбайт. Өткөн доор тууралуу бирдиктүү түшүнүктөрдү калыптандыруу иреттелген маалыматтарды жөн гана өткөрүп берүү аркылуу эмес, окуучулардын активдүү, чыгармачыл таанып-билүүчүлүк, компетенттик мамиленин негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш. Тарыхый фактылар жана көрүнүштөр тууралу жеке

инсандык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө маани берилет. Тарыхты окутуунун сапатынын критерийи көп маалыматтарды эсинде сактап калуу, үйрөнүлгөн материалдарды кайра айтып берүү менен эмес, тарыхый реалдуулуктун образдарын анализдөө, түшүндүрүү, тарыхый көрүнүштөрдү баалоо көндүмдөрүнө ээ болуу, маалыматтарды издеп табуу жана анализдөө методдорун өздөштүрүү менен байланышкан.

Тарых илими үчүн мүнөздүү болгон таанып-билүү методдорун, азыркы маалыматтык технологияларды колдонуу менен байланышкан коммуникативдик көндүмдөрдү жана ыктарды өнүктүрүү менен айкалыштыруу, окуучуларга дүйнөгө карата азыркы көз караштарын, адамзат коомунун биримдигин жана көп түрдүүлүгү тууралуу элестөөлөрүн, түрдүү типтеги маалыматтарды сынчыл кабылдоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу милдетин кыйла жогорку деңгээлде чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Негизги мектепте окуучулардын окуу жүктөмдөрүн кыскартуу предметтик темалардын (дидактикалык бирдиктердин) айрым бөлүктөрүн милдеттүү окуп-үйрөнүүдөн баш тартуунун, тарыхый көрүнүштөрдүн маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, материалдардын кайталануучулугуна жол бербеген, ири мазмундук блокторго негиденген окуу курстарынын кыйла тең салмакташтырылган структурасын түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Тарых боюнча мектептик программанын олуттуу кайра курууга учурап жаткандыгына байланыштуу, аларды жүзөгө ашырууга жөндөмдүү мугалимдерди даярдоо жана кайра даярдоо маселесин чечүү зарыл. Бул өз кезегинде, тарыхчыларды кесиптик даярдоо системасын кайра курууну талап кылат.

Мектептик тарыхый билим берүүнүн түзүмүндө окуучулардын жаштык өзгөчөлүктөрү жана таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрү эсепке алынып, ага жараша окутуунун максаты, мазмуну жана методдору конкреттешет. Мектептик тарыхый билим берүүнүн мазмунун тандоодо Германиядагы, дегеле Европадагы тажрыйбаны эсепке алып, бүткүл тарыхты, дүйнөнүн бардык аймактарындагы тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү камтууга мүмкүн эмес деген факторго таянат.

Билим берүү тармагында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жана республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жаңы шарттарын эске алуу менен жалпы билим берүүчү орто мектептерде (базалык) тарыхый билим алуунун төмөнкүдөй окуу планын сунуш кылабыз:

Негизги мектеп (5-9-класстар) 1-топтом

| № | Класс | Курстун аталышы | сааты |
|---|---|---|---|
| | 5-кл. | Тарыхка киришүү курсу | 32 |
| | | Дүйнөлүк тарых | 36 |
| | 6-кл. | Дүйнөлүк тарых | 32 |
| | | Кыргызстан тарыхы | 36 |
| | 7-кл. | Дүйнөлүк тарых | 32 |
| | | Кыргызстан тарыхы | 36 |
| | 8-кл. | Дүйнөлүк тарых | 32 |
| | | Кыргызстан тарыхы | 36 |
| | 9-кл. | Дүйнөлүк тарых | 48 |
| | | Кыргызстан тарыхы | 54 |

***«Тарых» предметин окуп-үйрөнүү системасы*** жалпы билим берүүнүн экинчи жана үчүнчү баскычын камтыйт. Кыргызстан тарыхы менен алгачкы таанышуу башталгыч мектептеги «Адам жана Коом» курсунда болуп, ал тарыхый материалдар менен байытылат. Биринчи деңгээлде (5–9-класстар) программмалык материалды окуп-үйрөнүү окуучулардын жаштык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен хронологиялык улануучулукта жүргүзүлөт.

«Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары, 5—9-класстарда тизмектүү, биринчи жарым жылдыкта «Дүйнөлүк тарых» жумасына 2 саат (жылына 32 саат), экинчи жарым жылдыкта «Кыргызстан тарыхы» жумасына 2 саат (жылына 36 саат). 9-класста параллелдүү, б.а., биринчи жарым жылдыкта «Дүйнөлүк тарых» курсуна жумасына 3 саат

(жалпы 48 саат) жана экинчи жарым жылдыкта «Кыргызстан тарыхы» курсуна жумасына 3 саат (жылына 54 саат).

9-класста «Кыргызстан тарыхы» курсу боюнча мектептик бүтүрүү экзамендери жана атайын орто окуу жайларына кирүү экзамендерин тапшырышат. Негизги орто билим берүү баскычында предметти окуп-үйрөнүүнүн милдеттерине ылайык «Кыргызстан тарыхы» курсу өлкөнүн жана анын элдеринин өткөндөгү дооруна кызыгуусун арттырган, көз караштарынын калыптанышы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон, социомаданий мүнөздөгү материалдар менен кеңейтилди. «Тарыхый персонаждар» мазмундук сызыгына ылайык өткөндөгү окуялардын жүрүшү жана натыйжалары окуу китептерде жана сабактарда адамдардын ишмердиктери жана тагдырлары аркылуу өтөт.

«Тарых» предметинин мазмуну негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар аркылуу жүзөгө ашырылат. 5—9-класстар үчүн «Тарых» предметинин мазмуну эки: «Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнөлүк тарых» (Орток Түрк тарыхы курсу көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстары түрүндө баяндалат.

Негизги билим берүүчү программанын мазмуну предметтин базалык мазмунун аныктайт. Негизги билим берүүчү программада бөлүктөрдүн жана темалардын мазмуну салыштырмалуу кыскача берилет, ал кошумча (вариативдик) түрдө фактыларды, аттарды ж.б. автордук программаларга жана окуу китептерине киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдер автордук, эксперименталдык программаларды иштеп чыгууга жана колдонууга укуктуу.

Программалар менен иштөөдө мугалимден чыгармачылык мамиле талап кылынат. Программа болжолдуу мүнөзгө ээ болуп, мугалимге өз алдынча календардык-тематикалык пландарды жана сабактын конспектилерин түзүүгө көмөктөшүүгө тийиш. Мугалим курстардын ортосундагы сааттардын катышы боюнча жалпы пропорцияларды сактоо менен, окуу жылы ичинде айрым темалардын жана бөлүмдөрдүн сааттарынын санын өзгөртө алат.

Ортоңку баскычтагы окутуунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык, мугалим сабактардын ар түрдүү формаларын — дидактикалык оюндарды жана диспуттарды, дарстарды, семинарларды, конференцияларды, реферат даярдоону, ошондой эле жеке, топтук жана жалпы класстык сабактарды жана сабактан тышкаркы окууларды айкалыштыруу менен кеңири колдоно алат.

## 5-класс.
## Тарыхты окууга киришүү.

**1. Киришүү. Тарых сабагы эмнени окутат?** Тарых деген эмне? Адамдар жашап өткөн доорун кантип билишет? Тарых эмнени үйрөтөт? Тарыхты окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы барбы?

**2. Мекеним — Кыргызстан.** Биздин Мекенибиздин чек арасы, административдик бөлүнүшү, жаратылыш байлыктары калктын көп улуттуу курамы. Улуттар аралык мамилелер.

**3. Улуттук символдор**. Улуттук символ деген эмне? Кыргызстандын улуттук символдору: Герб, Желек, Гимн..

**4. Тарыхый булактар.** Тарыхты кантип изилдейбиз? Тарыхый булак деген эмне? Тарыхый булактардын түрлөрү. Адамзат тарыхын тактоодо тарыхый булактардын ролу.

**5. Жазма даректер.** Жазма даректер деп биз эмнени айтабыз? Жазуу качан, кайда жана кантип пайда болгон. Жазма даректер үчүн материалдар жана жазуу куралдары: чопо, таш, кагаз, тери, калем, бор, боёк.

**6. Түркүн элдердин жазуусу**. Жазма даректердин түрлөрү: алардын окшоштугу жана түрдүүлүгү. Чиймелеп сүрөттөө (пиктография), иероглиф, муундук жана тыбыштык алфавит. Аска беттериндеги сүрөттөр жана жазуулар, жылнаамалар, аңгемелер, баяндар, дастандар, келишимдер, жардыктар, уламыштар, санжыралар.

**7. Кыргыздардын жазуусунун пайда болушу жана өнүгүшү**. Кыргыздардын өткөн турмушу жөнүндө жазма даректер. Кыргыздардын байыркы жазуусу. Орхон эне-сай жазмалары. Кыргызстандагы жазуу эстеликтеринин тарыхы.

**8. Заттык маданий эстеликтер (Археология).** Заттык эстеликтер деген эмне жана алар бизге кандай маалыматтарды бере алат. Заттык эстеликтердин түрлөрү: турак жайлар, имараттар жана коргондор, шаймандар, курал-жарактар, идиш-аяктар, эмеректер, кооздук буюмдары. Табылгалардын жашын аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери. Археологиялык булактар жана изилдөөлөр. Археологдордун иш ыкмасы жана алардын казына изилдөөдөн айырмасы. Табылгалардын жашын аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери.

**9. Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер**. Байыркы турак-жайлар. Мунаралар жана чептер. Имараттар жана коргондор. Кербен сарайлар жана мовзелейлер.

**10. Нумизматика.** Акчанын пайда болушу, алардын арналышы. Тыйын — өткөн доор жөнүндөгү билимдердин булагы. Түрдүү элдердин байыркы тыйындары. Тыйын казыналары, алардын пайда болушунун себептери. Казыналарды изилдөө.

**11. Кыргыздарда жана Кыргызстанда колдонулган акча.** Тыйын, акча, сом, теңге сөздөрүнүн келип чыгышы. Кыргызстандын акча бирдигинин киргизилиши (1993-ж.).

**12. Генеалогия.** Санжыра: ата-бабалар, укум-тукумдар, урпактар, муундар. «Адамдын жашоо ьщгайы»: өткөн, бугунку доор жана келечек менен салыштыруу. Санжырачылыктагы салттар — Инжилде (Библияда), Куранда, түрк элдеринин дастандарында жана уламыштарында.

**13. Кыргыз санжырачылык салты**. Осмонаалы Сыдык уулу. Манас баатырдын санжыралык тегин аныктоо. Өз санжырасын түзүү.

**14. Сфрагистика.** Белги-тамгалардын келип чыгышы жана арналышы. Белги-тамга— тарыхый булак катары. Кыргыздар колдонгон белги-тамгалар, алардын чечмелениши.

**15. Кыргыздар жана кыргыз уруулары пайдаланган белги-тамгалар**. Жеке адамдарга жана уруу башчыларына тиешелүү мөөрлөр. Ар бир уруунун эн тамгасы жана анын келип чыгыш тарыхы.

**16. Топонимика.** Топонимика эмнени үйрөтөт? Географиялык картадагы аталыштар жана алардын маани-маңызы. Топонимдерди түзүүнүн негизги жолдору (отурукташкан жайдын же анын кожоюнунун, тарыхый инсандардын атынан, объектинин географиялык өзгөчөлүктөрүнөн). Гидронимдер жана урбононимдер. Топонимдик табышмактарды чечебиз: түрдүү тилдеги географиялык аталыштар; шаарлардын аттары; кишинин ысымдарынан жана фамилияларынан топонимдердин түзүлүшү. Географиялык аталыштар — өткөндүн күбөлөрү. Кыргыздардагы тарыхый жана географиялык аталыштары. Географиялык аттардын келип чыгышы жөнүндө кыргыз уламыштары. Топонимдер кандай болушу керек. Кыргызстандагы жер-суу, шаар, айыл-кыштактардын аталыштары жана аларды кайра атоолор жөнүндө. Өз районуңдун, айылыңын аталыш тарыхы.

**17. Дүйнөлүк карта.** Карта деген эмне? Картанын түрлөрү. Мамлекеттердин, шаарлардын, маанилүү окуялардын тарыхый картада чагылдырылышы. Эгемендүү мамлекетибиздин дүйнөлүк картадагы орду жана анын мааниси. Түрк дүйнөсүнүн картасы

**18. Ономастика.** Ономастика эмнени үйрөтөт? Улуттун, Элдин, уруунун жана уруктун аталыштары. Адам аттары. Кыргыздар колдонгон Адам аттары. Өзүңдүн, ата-энеңдин аттарын чечмеле.

**19. Тарыхый метрология.** Чен бирдиктеринин келип чыгышы. Ченөөнүн зарылдыгы (көнүлдө элестеткен аралды ченеп көрөбүз). Аралыкты, аянтты жана узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: кун жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), саржан, фут, аршин, вершок, дюйм, чакырым, десятина, теше, фарсах, миль, стадий ж.б.

Салмакты жана көлөмдү ченөө бирдиктери: пуд, фунт, челек, чака, бөтөлкө, аяк, код, чейрек, осьмин, вир унаа (ат, төө, эшек) жугу. Таразалоо өткөндөгү жана азыркы чен системасын билүүнүн зарылдыгы.

**20. Кыргыздардын ченөө бирдиктери**. Кыргыздарда аралыкты, аянтты жана

узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: күн жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), чыканак, кадам, алакан, кулач, карыш, укум, эли, аркан бою, чылбыр бою, сөөмөй, чакырым, ат чабым, чай кайнам узак, теше, таман, ж.б.

**21. Хронология.** Убакыт жөнүндө түшүнүк. Жоголгон убакыт өлкөсүнө саякат. Көңүлдө элестеткен аралда убакытты ченейбиз. Чен бирдиктери (кун, тун, сутка, жума, апта, аи, жыл, кылым, мин, жылдык, доор).

Убакытта окуялардын улануучулугу тууралуу элестетип түшүнүүлөр. Заман түшүнүгү жана жыл эсептөөнүн түрдүү системалары. Иудей, христиан жана мусулман жыл эсептөөлөрү. Күн календары (жыл эсеби) жана Ай эсеби.

**22. Кыргыздардын жыл эсеби.** Кыргыздардагы убакыт жөнүндө түшүнүк. Он эки айбандык (мүчөл) жыл эсеби. Жыл жана ай эсеби. Айлардын аталыштары жана алардын чечмелениши. Өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн турмушундагы окуялардын жадыбалын түзүү.

**23. Жалпылоо сабагы.** Тарыхты изилдөөдөгү көмөктөш каражаттар — адамзаттын ишмердүүлүгү менен пайда болгон нерселер, адамдар өзгөрткөн, пайдаланган нерселер. Азыркы доорду келечекте изилдөө үчүн кайсы заттар булак болору тууралуу ой жоруу.

## 5-класс. Байыркы дүйнө тарыхы

### I. Адамзаттын тарыхый өнүгүүсү

**1. Байыркы адамдар.** Байыркы адамдын жашаган жерлери. Жаратылыштын сыноолору: суук, үнкүрдө жашоо, турак-жайдын курулушу. Байыркы адамдын сырткы көрүнүшүнүн өзгөрө башташы. Анчылыкты өздөштүрүү. Анчылыкта кызматташып, ийгиликке жетишүү. Байыркы адамдын анчылыкта колдонгон куралдары. Адамдын биринчи ачылышы – отту пайдалануу. Уруктук жамааттар. Туугандардын биримдиги. Уруктук коомдогу биргеликте чарба жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү, эмгектин бөлүштүрүлүшү.

Борбордук Азия жана Кыргызстандын (мындан 1000-800 миң жыл мурун) аймагындагы алгачкы адамдар.

**2. Байыркы адам жана эмгек.** Өндүрүүчү чарбанын башаты: кетмен менен жер иштетүү. Байыркы дыйкандардын биринчи эмгек куралдары. Алгачкы жер иштетүү аймактары. Жапайы жаныбарларды колго үйрөтүү. Эң байыркы малчы жана дыйкан уруулар. Мал чарбачылыктын адамзаттын жашоо-шартына тийгизген таасири. Өндүрүүчү чарбага өтүүнүн натыйжалары. Кол өнөрчүлүк: чопо иштетүү, жип ийрүү, токуу. Токуу станогунун ойлоп табылышы. Темир куралдарынын пайда болушу. Евразиядагы эң байыркы металлургиялык борбор. Эрте металл иштетүүнүн технологиясы.

Борбордук Азиядагы алгачкы цивилизациялар. Борбордук Азиядагы цивилизациянын эки тиби: малчылык (андроновдук) жана дыйканчылык(чусттук) маданияттардын калыптануусу. Чарбачылыгы, материалдык маданияты. Коло доорунун адамдарынын турак жайлары. Коло доорунун аягындагы тилдик үй-бүлөнүн өзгөчөлөнүүсү.

**3. Алгачкы диний ишенимдер.** Алгачкы адамдарда диний көз караштардын пайда болушу. Адам эмне үчүн түш көрөт? Сөөк коюу түшүнүгүнүн пайда болушу. Өлгөндүн жаны. Табигаттын сырлары. Чөйрөгө ыңгайлашуу. Курмандык чалуулар. Матриархат – эне бийлиги. Патриархат – ата бийлиги. Ата-бабаларга сыйынуу. Байыркы адамдын жүрүш-туруш этикасы. Байыркы адамдар кантип майрамдашкан? Диний каада салттар. Музыка жана бийдин пайда болушу. Алгачкы музыкалык аспаптар. Аска бетиндеги сүрөттөр. Байыркы сүрөтчүнүн дүйнө таанымы. Анимизм, тотемизм, фетишизм, магия.

Андрон (малчылык) жана чуст (дыйканчылык) маданиятынын алып жүрүүчүлөрүнүн мифологиясы жана диний элестөөлөрү. Эң байыркы адамдардын жашоо образы. Коло доорунун көркөм өнөр искусствосунун эстеликтери - Саймалы-Таш, Таш-Көмүр ж.б. петроглифтери.

## II. Дарыя жээгиндеги цивилизациялар

**4. Байыркы Египет цивилизациясы.** Египеттин географиялык жайгашуусу. Дарыя жээгинде жашаган элдердин турмушунда дарыянын ролу. Египеттиктердин кесиптери: жер иштетүү, мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк, соода. Египет коому. Фараон, жрец, төрө жана карапайым египеттик. Байыркы египеттиктердин күнүмдүк жашоосу. Байыркы Египеттин негизги шаарлары – Мемфис, Фивы.

**5. Байыркы египеттиктердин маданияты жана диний ишенимдери** Байыркы Египеттин жазмаларынын өзгөчөлүктөрү. Жазуу үчүн материалдын жана аспапттардын ойлоп табылышы. Катчыларды жана жрецтерди даярдоочу мектептер. Илимий билимдердин башаты: математика, астрономия. Мезгилди өлчөөчү аспапттардын ойлоп табылышы: күн календары, суу сааттары, жылдыздардын картасы. Байыркы Египеттин искусствосу: айкел, айкелдин портрети. Египеттиктердин кудайлар жөнүндө түшүнүктөрү. Ыйык жаныбарлар жана кудайлар. Байыркы египеттиктердин тиги дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрү: мумия, табыт, саркофаг. Пирамидалар жана сфинкстер.

**6. Месопатамиянын цивилизациялары.** Түштүк Эки дарыя аралыгынын жайгашышы, жаратылышы жана ландшафты. Ирригациялык (жасалма сугат) дыйканчылык. Шумердин шаар-мамлекеттери. Чопо кыштардан курулган шаарлар. Шынаа жазмасы – Эки дарыя аралыгын өзгөчө жазуусу. Катчылар мектеби. Илимий билимдер: астрономия, математика. Чопо тактачалардагы уламыштар. Шумерлердин курулуштары: жерден асманга чейинки тепкичтүү мунаралар. Вавилон падышасы Хаммурапи жана анын мыйзамдары.

**7. Ассирия дөөлөтү.** Темирди иштетүүнүн башталышы. Согуштук кол өнөрчүлүктө темирдин колдонула башташы. Ассириялык аскерлер жана атчан аскерлер. Ассирия падышалыгы – Байыркы дүйнөнүн улуу дөөлөттөрүнүн бири. Ниневия – ассириялык падышалардын борбору. Падыша сарайы. Ашшурбанапалдын чопо китепканасы. Ассириялыктар жөнүндө уламыштар.

**8. Байыркы Месопатамия жана Ассирия маданияты жана дини**. Дүйнөлүк топон суу жөнүндө уламыш. Шумерлердин, вавилондуктардын, ассириялыктардын жана халдейлердин кудайлары жана баатырлары.

**9. Перс цивилизациясы.** Перс дөөлөтүнүн түзүлүшү. Перс падышасы Улуу Кир. Падыша Дарий Биринчи. Падыша жолдору жана падыша почтасы. Салык төлөө системасы. Перс падышасынын аскерлери. Байыркы улуу дөөлөттүн борбору – Персеполь шаары.

**10. Байыркы Персиялыктардын диний ишенимдери.** Байыркы диндердин жаралышы. Зороастризм – Заратуштра негиздеген байыркы дин. Зороастризмдин ыйык китеби – «Авеста». Андагы диний жана юрдикалык жазмалар, сыйынуулар, ырлар жана гимндер. От – тазалыктын, тазалануунун, күнөөдөн арылуунун символу. Манихейчилик. Карангылыктын жана жарыктыктын башталышы.

**11. Индия цивилизациясы.** Гималай жана океандын ортосундагы өлкө. Инд жана Ганг дарыялары. Гималай тоолору. Ганг жээктериндеги чытырман токой – жунглилер. Чытырман токойдогу кыштактар. Жерлерди өздөштүрүү жана жасалма сугатчылыктын өнүгүшү. Индиялыктардын негизги кесиптери. Жаратылыштын арасындагы жашоо – ыйык жаныбарлар жана кудайлар. Рама жөнүндөгү уламыш. Байыркы шаарлар. Жандын башка жанга өтүүсүнө болгон ишеним.

**12. Байыркы индиялыктардын маданияты жана диний ишенимдери.** Кудайларга курмандык чалуу жөрөлгөсү. Брахмандын жашоосунун этаптары. Тенсиздердин касталык коому: жрецтердин, тектүү аскерлердин, дыйкандардын жана кызматкерлердин варнасы жана кастасы. «Кол тийбестер». Индиялыктардын акылмандыгы, билими жана китептери. Буддизмдин пайда болушу. Будда жөнүндө уламыш. Ведалык дин. Индиялык кудайлардын пантеону. Брахманизм. Индуизм жана андагы негизги багыттар.

**13. Кытай цивилизациясы.** Улуу Кытай түздүгүнүн географиясы, жаратылышы жана ландшафты. Хуанхэ жана Янцзы дарыялары. Кытайлар жашаган өлкө. Мамлекеттердин пайда болушу. Цинь Шихуандын Кытайды бириктирүүсү. Улуу Кытай сепили жана кытайлардын дүйнөсү. Цинь Шихуандын күмбөзүндөгү чопо аскерлер. Улуу Жибек жолу. Кытайдын улуу ачылыштары: жибек, чай, бумага, компас, иероглифтер.

**14. Байыркы кытайлыктардын маданияты жана диний ишенимдери.** Конфуцийдин окуусу. Улууларды сыйлоо адеби. Жэнь жана Сяо категориясы. Мамлекет, үй-бүлө, улууну сыйлоо, ата-бабалардын арбагын эстөө жана кадырлоо. Конфуцийдин ыйык китеби: «Лунь-юй» («Аңгемелер жана ой-толгоолор»).

Даосизмдин Кытайда IV-III кк. философиялык окуу катары пайда болушу. Даосизмдин беш элемент жөнүндө окуусу. Даосизмдин ыйык китеби – «Лао-цзы» (же «Дао дэ цзин»). Даосизмдеги негизги түшүнүктөр – дао (дүйнөнүн жаралышы, жалпы мыйзам, чексиздик), дэ (даонун көрүнүшү), у-вэй (недеяние).

**III. Деңиз цивилизациялары**

**15. Финикия.** Финикиянын географиясы, жаратылышы жана жашоочуларынын кесиптери. Дениз жээгинде жашаган элдердин турмушунда дениздин ролу. Сууга бай дарыялардын жоктугу. Жер ортолук денизи жана финикиялыктар. Жүзүм жана зайтун өстүрүү. Кол өнөрчүлүгү: айнек иштетүү, пурпур кездемелерин даярдоо. Финикиянын Библ, Сидон, Тир шаарларында сооданын өнүгүшү. Дениз соодасы жана каракчылык. Финикиялыктардын колониялары. Байыркы финикиялык алфавит. Финикиялыктар жөнүндө уламыштар.

**16. Грек цивилизациясы.** Байыркы Грециянын жаратылыш жана калкы. Афины. Спарта. Байыркы Грециянын маданий мурастары. Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары. Афинанын мектептеринде жана гимнасияларында. Балдарды тарбиялаган педагог-кулдар. Мектепте эмне менен алектенишкен? Байыркы Грецияда театрдын пайда болушу, түзүлүшү. Актёрлор. Театрдагы көрүнүштөр: трагедия жана комедия. Театрдагы көрүнүштөрдүн тарбиялык мааниси. Гректердин диний ишенимдери.

**17. Байыркы дүйнөдөгү Олимпиядалык оюндар.** Эллиндерди бириктирген майрамдар. Олимпиядалык оюндардын негизделиши жөнүндөгү миф. Жалпы гректик оюндарга даярдануу. Унутулгус беш күн. Таймаштардын түрлөрү. Жеңүүчүлөргө сыйлыктар. Белгилүү атлеттер жөнүндөгү уламыштар. Туулган шаарына кайтып келүү. Олимпиядалык оюндардын тарбиялык мааниси.

**18. Эллинизм.** Александр Македонскийдин империясы. Александрдын өлүмүнөн кийин анын мамлекетинин кыйрашы. Египеттик Александрия – Чыгыш Жер ортолук дениздеги ири соода жана маданий порт. Фаросс маягы – дүйнөнүн кереметтеринин бири. Музей. Александриялык китепкана. Байыркы китепканалардын тарыхынан. Грек окумуштуулары: Аристрах Самосский, Эратосфен, Евклид.

**19. Рим цивилизациясы.** Байыркы Италиянын жаратылыш жана калкы. Рим империясынын гүлдөшү жана күчтүү болушу. Римдин «бөлүп башкар» саясаты. Бардык жолдор Римге алып барат. Рим шаары – империянын борбору. Римдин архитектуралык көрүнүшү. Колизей. Пантеон. Римдин айкелдери. Шаар дөнсөөлөрүндөгү сарайлар. Дөнсөөлөрдүн арасындагы көп кабаттуу үйлөр. Римдиктин жашоосундагы жана маданиятындагы термалардын орду. Кедейлер үчүн «нан жана тамаша». Римдеги чон цирк.

**20. Байыркы Римдин маданий мурасы.** Рим поэзиясы жана илими. Меценат жана поэт Гораций. Рим философу – Цицерондун өлүмү. Вергилийдин «Энеида» поэмасы. Байыркы Римдеги дин жана мифтер. Рим коомундагы жана руханий жашоосундагы диндин орду. Рим империясындагы диний системанын кризиси антикалык цивилизациянын кризисинин чагылышы катары. Рим империясынын чыгыш маданияты. Диний синкретизм.

**21. Карфаген.** Географиясы, жаратылыш шарттары жана калкы. Карфаген – Сицилияга кеткен жолдогу тосмо. Карфаген – Чыгыш Жер ортолук денизиндеги стратегиялык аймак. Пуни согуштары.

**22. Христианчылыктын пайда болушу.** Христиандардын рим бийлиги тарабынан куугунтукка алынышы. Иисус Христос – диний реформатор. Келип чыгышы, составы, түзүлүшү. Эски осуят, Жаны осуят. Чиркөөлөрдүн бөлүнүшү.

**IV. Мусулман цивилизациясы.**

**23. Ислам цивилизациясы.** Аравия жарым аралынын географиясы, жаратылыш шарттары. Анын жашоочуларынын кесиби жана жашоо мүнөзү. Бедуиндер. Мухаммед башында турган Араб мамлекетинин түзүлүшү. Халифат – исламдын империясы. Халиф – пайгамбардын ордун басуучу. Башкаруучу халифтер: Абу Бакр, Умар, Урман жана Али. Акыркы чыныгы халиф. Араб халифаты – эки океандын ортосундагы мамлекет.

**24. Исламдын пайда болушу.** Аравия – ислам дининин мекени. Мухаммед – жаны диндин үгүттөөчүсү. Хижра. Исламдын пайда болушу. Аллах – мусулмандардын кудайы. Араб урууларынын арасында исламдын таркашы. Куран – исламдын ыйык китеби. Исламдагы мораль жана укуктун диний мүнөзү. Шариаттын нормалары – мусулман укугу. Үй-бүлө жана Куран. Арабдар каратып алган элдердин маданиятына тийгизген таасири. Исламдын таркашы. Ислам кантип таркады? Мусулман турмушунун түзүлүшү.

**25. Араб-мусулман маданиятынын мурасы.** Орто кылымдагы мусулмандын руханий дүйнөсү. Араб тили – «Чыгыштын латыны». Билим – карьеранын каражаты. Медресе – жогорку мусулман мектеби. Билимдүүлүктүн жана билимдин ардактуулугу. Арабдардын илимий билимдери. Аль-Бируни. Ибн Сина (Авицена). Араб поэзиясы жана жомоктору. Фирдоуси. Архитектура – араб искусствосунун жогорку денгээли. Гранададагы Альгамбардын сарайы. Мечит – коомдук жолугушуулардын жана баалуулуктарды сактоонун жайы. Мечиттин түзүлүшү. Арабескалар. Испания – араб жана европа маданиятынын ортосундагы көпүрө.

## Дүйнөлүк тарых – 6-кл.
## (1-жарым жылдыкта 32 саат өтүлөт)

### I. Көчмөндөр цивилизациясы

**1. Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялар.** Борбордук Азиянын географиялык жайгашуусу жана жаратылыш шарттары. Борбордук Азиядагы көчмөн цивилизациялардын жана мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнүн тарыхый шарттары. Б.з.ч. I м.ж. аягындагы жаратылыштык-климаттык фактор жана саясий процесстер.

**2. Байыркы Хорезм.** Хорезм жөнүндө жазма жана археологиялык маалыматтар, анын аймагы боюнча маселелер. Калалкир, Кузалик ж.б. шаарлар. Б.з.ч. I м.ж. биринчи жарымындагы Хорезмдин социалдык-экономикалык жана маданий турмушу.

**3. Байыркы Бактрия.** Бактрия жөнүндө жазма жана археологиялык маалыматтар. Бактриянын аймактык чек арасы. Бактра, Кызылтепе, ж.б. шаарлар. Социалдык-экономикалык жана маданий турмушу. Бактрия мамлекетинин кайра жаралуусу, андагы гректердин бийлиги. Эллин маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана анын Орто Азияга таркашы. Чыгыш менен Батыштын маданиятынын өз ара байланышы. Антикалык шаарлардын курулушу. Сооданын өнүгүшү.

**4. Байыркы Согд (Согдиана).** Согдиана жөнүндө археологиялык жана жазма булактар. Байыркы шаарлары: Афросиаб, Узункыр, Еркурган. Социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу. Шаарлардын курулушу. Кол өнөрчүлүктүн жана сооданын өнүгүшү.

**5. Борбордук Азиядагы Хундардын көчмөн империясы.** Хун урууларынын алгачкы мекени. Хун мамлекетинин негизделиши жана «Улуу Кытай Сепили». Модэ (Маодун, Мете). Борбордук Азияда Хун империясынын пайда болушу. Хун дөлөтүнүн кыйрашы, түштүк жана түндүк аймактарга бөлүнүшү.

**6. Элдердин Улуу көчү.** «Элдердин Улуу көчүнүн» башталышы. Түндүк Хундардын Батышка жылуусу жана алардын басып алуулары (IV к. баштап). Европага жортуул. Атилланын мамлекети (433-454-жж.). Хундардын башка мамлекеттер жана элдер менен дипломатиялык жана маданий алакалары. Хундардын этникалык тарыхы менен байланыштуу түрк элдеринин калыптануусу. Өз алдынча Хун падышалыктары. Эфталиттердин (Ак хундардын) мамлекети.

**7. Хундардын коомдук түзүлүшү, чарбасы жана маданияты.** Коомдук түзүлүшү. Мыйзамы. Уруулук жамаат. Турак-жайы. Көчмөн малчылык. Жер иштетүү. Кол өнөрчүлүк.

Анчылык. Маданияты. Зергерчилик өнөрү: «полихромдук стиль». Диний ишенимдери. Үй-бүлөлүк мамилелер.

**8. Кангүй мамлекети.** Сыр-Дарыянын байыркы аталышы. Аймагы: Ортонку Сыр-Дарыянын бассейни – Жети Суу. Борбордук Азиядагы отурукташкан жана көчмөнэлдерди бириктирген Кангүй мамлекети. Чарбасы, соодасы. Шаарлары: Яссы, Канка (Ташкент), Исфиджаб (Сайрам), Тараз. Кангүй мамлекетинин саясий тарыхынын негизги окуялары. Б.з. I к. Кангүй падышалыгы. Эфталиттердин басып алуусу.

**9. Кушан империясы.** Йуэчжилердин (тохарлардын) батышка көчүүсү. Кушан (гуйшуан) династиясынын саясий бийликти басып алуусу. Кушандар тарабынан региондогу саясий күчтөрдү бириктирүү. Империянын аймагынын кенейиши: Кужула, Кадфиз, Вим Кадфиз жана Канишкада мамлекеттин бийликтин күчөшү. Кушан династиясынын мезгилинде өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушу. Айыл чарбасы. Сугат дыйканчылыгынын өнүгүүсү. Шаарлардын курулушу. Кол өнөрчүлүк жана соода.

**10. Кушан империясынын маданияты жана диний ишенимдери.** Гандхаранын (Пешавар/Пакистан) маданияты. Кушандар мезгилиндеги көркөм өнөр. Ибадатканалар. Айкелчилик. Буддизм. Манихейчликитин таралышы. Диний сабырдуулук.

**11. Улуу Түрк кагандыгы.** Түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндө уламыштар. Эне-карышкыр. Ашина уруусунун күчтөнүшү жана Борбордук Азияда байыркы түрктөрдүн мамлекетинин түзүлүшү. Жуан-жуандардын империясы. Жужандарга каршы көз карандысыздык үчүн күрөш. Жужан империясынын талкаланышы. Түрк кагандыгынын түзүлүшү (VI к.). Түрктөрдүн белгилүү башкаруучулары: Бумын каган, Мухан каган, Истеми каган.

Күчтөнгөн каганаттын аймагы. Улуу Түрк кагандыгынын сырткы саясаты. Улуу Түрк кагандыгынын: Чыгыш Түрк жана Батыш Түрк кагандыгына бөлүнүшү. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы. Түрк элдеринин тарыхында Улуу Түрк кагандыгын орду жана ролу.

**12. Түрктөрдүн мураскерлери.** Азиянын Батышындагы Түрк мамлекеттери: Авар жана Хазар кагандыгы. Огуз ябгуйлугу. Улуу Жибек жолунун түндүк бутагындагы сооданын жанданышы, шаарлардын өнүгүүсү. Кимек кагандыгы. Алтай жана Сибирге кеткен Улуу Жибек жолунун багытындагы шаардык турмуштун жанданышы. Эл аралык соода.

**13. Уйгур кагандыгы (744-840-жж.).** Борбордук Азияда жана Орхондо Уйгур кагандыгынын үстөмдүгүнүн орношу. Ордо-Балык – уйгур мамлекетинин борбору. Уйгур кагандыгындагы династиялык так талашуулар жана мамлекеттин кыйрашы. Турфан-Кочодогу идикуттардын Уйгур мамлекети. Чарбасы, социалдык мамилелер. Маданияты жана диний ишенимдери. Уйгур кагандыгынын мамлекеттик дини – манихейлик. Манихейлик жана буддизм. Маданий мурастар: будда ибадатканалары, дубал сүрөттөрү, айкелдер, байыркы түрк жана иран тилдериндеги (согд, хотан-сак, пехлеви) эпиграфиялык эстеликтер.

**14. Көчмөндөрдүн дүйнө таанымы.** Дүйнөнүн салттуу сүрөттөлүшү. Түбөлүк жашоонун идеясы. Өлүм жана жамандык менен күрөшүүнүн мотиви. Адам жашоосунун, тендиктин, жашоону сүйүүнүн мотиви. Көчмөндөрдүн каада-салты жана диний ишенимдери.

**15. Маданий мейкиндик.** Мамлекеттик түзүлүш. Мамлекеттик башкаруунун системасы. Түрк элдеринин уламыштары жана династиялык тарыхы. Көчмөн мамлекеттердин согуштары, дипломатиялык мамилелери жана элчиликтери, династиялык никелешүүлөр.

**16. Көчмөндөрдүн материалдык маданияты.** Жылкы багуу. Көчмөндөрдүн кийим-кечелери. Темирдин байыркы борбору. Көчмөндөрдүн аскердик курал-жарактары. Ат жабдыктары.

**17. Көчмөндөрдүн маданий мурастары.** Архитектура, скульптура. Көмүү архитектурасы. Жаныбарлар стилиндеги искусство. Түрк элдеринин бирдиктүү маданий мейкиндигинин калыптанышы. Руна жазмасы. Сабаттуулуктун жайылышы. Бугут жазмасы. Билге каган, Күлтегин жана Тон-йокуктун жазмалары. Оозеки, эпикалык чыгармачылыгы жана мифтери.

**18. Борбордук Азия элдеринин маданиятындагы жетишкендиктери.** Көчмөн жана

отурукташкан цивилизациялардын өнүгүүсү жана алардын өз ара маданий алакалары. Көчмөн урууларлын миграциясы: этаптары, багыттары жана себептери. Маданий байланыштары жана коммуникациялары (мусулман маданиятынын жана Борбордук Азиянын элдеринин маданиятынын өз ара байланышы жана бири-бирине таасири). Соода байланыштары.

**19. Диний ишенимдери.** Байыркы түрктөрдүн диний ишенимдери. Тенирчилик. Тенир – жогорку кудай. Диний жөрөлгөлөр. Жаратылышка жана ата-бабаларга сыйынуу. Көмүү жөрөлгөсү. Несторианчылык. Манихейчилик. Согд аркылуу манихейликтин Орто Азияга кирип келүүсү. Буддизмдин таркашы жана таасири.

**20. Борбордук Азиядагы Ислам.** Борбордук Азияга исламдын кирип келиши. Исламдын калктын маланиятына жана күнүмдүк турмушуна таасири. Борбордук Азияда дүйнөлүк диндердин таркашы жана өзгөрүшү: зороастризм, буддизм, манихейчилик, христиан, ислам. Алардын бири-бирине таасири. Борбордук Азия – бардык диндердин кайнаган казаны (melting pot).

**21. Улуу Жибек жолу жана түрктөр.** Улуу Жибек жолунун негизделиши. Азыркы Кыргызстандын аймагынан өткөн Улуу Жибек жолу.

**Кыргызстан тарыхы. 6-класс.**

**1. Сактар**. Сактар - азиялык скифтер, алардын негизги топтору. Сак уруу бирикмеси, алардын көз карандыксыз үчүн күрөшү. Аморг. Спаретра Зарина. Томирис.

**2. Сак урууларынын материалдык маданияты**. Сак уруу союздарынын чарбачылыгы, коомдук түзүлүшү Аттарды үйрөттүү. Жылкычылыктын жаралышы. Сактардагы “айбанаттар стилинин” өзгөчөлүгү. «Скифтик триада» (Скифтик үчтүк).

**3. Руханий маданияты жана диний ишенимдери**. Сак урууларынын диний ишенимдери жана маданияты. Борбордук Азия, Сибирь жана Чыгыш Европа элдери менен Кыргызстан элдеринин ортосундагы маданий өз ара байланышы.

**4. Эң байыркы цивилизациянын жаралуусу**. Эң байыркы айылдар жана шаарлар. Кыргызстандагы шаар цивилизациясы. Гуйшанчэнь, Юнчэнь, Чигучэнь. Ош шаарынын 3000 жылдыгы.

**5. Усундар.** Усун урууларынын Жети-Сууга көчүп келүүсү. Жети-Сууда усун мамлекетинин түзүлүшү. Чигучень-Усун мамлекетинин борбору. Чжан Цзяндын элчилиги. Улуу Жибек жолу. Усундардын б.з.ч. II к. аягында Хань империясы жана Хунн дөөлөтү менен алакалашуусу. Усундардын чарбасы, саясий түзүлүшү жана коомдук мамилелери. Маданият жана дин. Буддизимдин жайылуусу.

**6. Дабан мамлекети**. Аймагы, калкы жана чарбачылыгы. Шаар маданияты жана дини. Чжан-Цяндын Дабанга саякаты. «Көктөн түшкөн» аргымактары. Кытай экспансиясы жана Дабан мамлекети. Дабан мамлекетинин жаңы борбору – Гуйшаньчэн (азыркы ыйык тоо айланасындагы Ош шаары). Б.з.I-V кк. Дабандын коңшу өлкөлөр менен алакалашуусу.

**7. Байыркы кыргыздар.** Байыркы кыргыз урууларынын жайгашуусу. Чыгыш Тянь-Шанда эң байыркы кыргыз мамлекетинин түзүлүшү. Кыргыз мамлекетүүлүгүнө 2200 жыл. Ли Линдин мамлекеттик ишмердүүлүгү. Б.з. I-V кк. Кыргыз хандыгы.

**8. Байыркы кыргыздардын чарбасы жана турмуш-тиричилиги**. Дыйканчылык, малчылык жана колдонмо өнөрчүлүк, металл иштетүү, соода.

**9. Эне-Сай кыргыз мамлекети. VI кк.** Эне-Сайда VI к. жаңы кыргыз мамлекетинин түзүлүшү. Жужандарга каршы күрөш. Чыгыш Теңир-Тоодон Эне-Сайга журт которуп келген кыргыздардын саясий көз карандысыздыкка жетиши. Улуу Түрк каганаты доорунда.

**10. VI к. Эне-Сай кыргыз мамлекетинин тышкы мамилелери.**

Кыргыздардын коңшу элдер менен алакалашуусу. Бумын кагандын ашына жиберилген кыргыз элчиси. Кыргыз каганатынын элчиликтери.

**11. Кыргыз өлкөсүнүн VII к. 30—80-жж. Эл аралык абалы**

Чыгыш Түрк калктары жана Тан сулалеси. Кыргыз жана Кытай мамилелери. 632-ж.

кытайлык элчилик. Жооп иретиндеги кыргыз элчилиги (643-ж.).

VII к. ортосундагы Кыргыз өлкөсүнүн эгемендиги үчүн күрөш. 648-ж. кыргыз элтебери Ишбара Ачжандын Кытайдын борборуна иш сапары. Кытайда тутулуп калган кыргыз адамдарын бошотуу аракети. Кыргыз өлкөсүнүн иш жүзүндөгү эгемендиги.

**12. Кыргыз каганы Барс-бег**

VII к. акырындагы эл аралык кырдаал. Барсбек. Анын кагандык даражасы. Эне-Сайдын Алтын-Көл өрөөнүндөгү тарыхый эстелик. Барсбектин үйлөнүшү.

Барсбек кагандын тушунда кыргыз мамлекетинин күч алышы. Кыргыздар жана Чыгыш түрктөрү.

Барс-бегдин тышкы саясаты. 707-ж. жана 709-ж. Кыргыз каганатынын эличилигин чет өлкөдө таанытуу аракеттери.

**13. Борбордук Азиядагы 710—711-жж. согуш**

Согуштун себептери. Борбордук Азиядагы 710—711-жж. согуштун башталышы. Капаган кагандын Батыш Саян тоосу аркылуу Кыргыз каганатына капысынан уюштурган жортуулу. Сунга салгылашуусу. Барс-бегдин курман болушу. Кыргыздардын түштүк-батыштагы ынтымакташтарынын жеңилиши. Согуштун натыйжалары.

**14. Кыргыз каганаты VIII к. биринчи жарымында**

Орхон түрктөрү Эне-Сайда. 711-ж. кыргыз элчилигинин Кытайга жана Тибетке жөнөтүлгөнү тууралуу кабар. Аз аттуу элдин Жогорку Эне-Сайдагы көтөрүлүшү (715). Орхон түрктөрү менен кыргыздар. VIII к. 20—40-жж. кыргыз-кытай алакалары.

Чор тардуш Ынанчунун элчи катары орхондук түрктөргө иш сапары.

**15. Кыргыз каганаты VIII к. ортосунда**

Борбордук Азиядагы VIII к. ортосундагы жаңы саясий ынтымак. Токуз огуз конфедерациясынын ыдырашы. Чик-уйгур тирешүүлөрү. Карлуктардын токуз огуз бирикмеси менен болгон коалициядан чыгышы.

Эне-Сайдын (Кем) башатындагы уйгур каганынын корголгон ордосу. Чиктерге кыргыздар жиберген жардам. Кыргыз кошуунунун Байан-чор тарабынан талкаланышы.

Уйгур аскерлеринин 758-ж. Кыргыз каганатына ийгиликтүү жортуулу. Убактылуу көз карандылыкка Кыргыз каганатынын кириптер болушу.

**16. Кыргыз каганаты VIII к. экинчи жарымында**

Кыргыздардын VIII к. экинчи жарымындагы сырткы саясий мамилелерди жүргүзүүнү улантышы. Тибет, Чыгыш Түркстан, Орто Азия, Багдад (Аббасийлер) халифаты менен кыргыздардын алакалары.

Эдиздерге каршы алгачкы көтөрүлүш. Кара-балгасун жазма эстелигинин маалыматы. Кыргыз каганынын курман болушу (795-ж.). Кыргыз өлкөсүнүн бийлөөчүсүнө «ИНАЛ» (ажо) титулунун таңууланышы.

**17. Эне-Сай кыргыздарынын коомдук түзүлүшү.**

Коомдук түзүлүшү. «Кыргыз бодун» термини. Каган — мамлекет башчы. Элтебер, тегин, тутук, тархан ж.б. чиндер. Кытайлык жылнаамалардын маалыматы боюнча Кыргыз каганатындагы акимдик башкаруу.

**18. Эне-Сай кыргыздарынын чарбасы**

Мал чарбасы. Дыйканчылык деңгээли. Аң уулоо. Кол өнөрчүлүк. Кен казуу.

**19. Улуу жибек жолу жана кыргыздар.** Негизги чарбачылык, коомдук мамиле жана мамлекеттик башкаруу системасы. Шаар жана бекемделген отурукташкан аймактар. Согуштук иштер, курал-жарактар, кыргыз армиясынын саны жана аскердик искусствосу. Кыргыздардын сырткы жана ички соодасы.

**20. Эне-Сай кыргыздарынын маданиятынын өнүгүшү**. Турмуш-тиричилиги. Турак-жайы. Кыргыздардын жазуусу, искусствосу, маданияты. «Манас» эпосунун эволюциясы. Кыргыздардын антропологиялык келбети жана үй-бүлө мамилелери.

**21. Эне-Сай кыргыздарынын диний ишенимдери.** Кыргыздардын алгачкы диний элестөөлөрү жана дүйнө таанымы. Кыргыздардын көз карашындагы анимизм, тотемизм жана фетишизм элементтери. Кыргыздардагы шаманчылык. Теңирчилик. Кыргыздардын каада-

салттары жанасалты ырым-жырымдары. Отко, айга ж.б. жаратылыштын сырдуу көрүнүштөрүнө сыйынуулар.

**22. Түргөш каганаты.** Түргөш каганатынын жаралышы (704-766 жж). Суяб шаары - түргөш мамлекетинин борбору. Араб жана кытай баскынчыларына каршы күрөш. Энесайлык кыргыздар менен аскердик союз. Сары жана кара түргөштөрдүн ортосунда өз ара күрөш. Араб-Кытай тирешүүсү. 751-ж. Талас суусунун боюндагы салгылашуу. Түргөш кагандыгынын акыркы мезгили.

**23. Карлук жабгусу.** Карлуктардын Алтайдан Тянь-Шанга көчүп келүүсү. Карлук мамлекетинин жаралуусу. Аймагы, калкы жана чарбачылыгы. Саясий бытырандылык. Карлук жана Самани мамлекеттеринин өз ара мамилелери. Акырындык менен исламдын тарашы. Шейх Мансур аль-Халлаж жана тяншандык түрктөр. Карлук мамлекетинин маданияты. Түргөштөрдүн жана карлуктардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду.

**24. VI-VIII кк. Кыргызстандагы көчмөн цивилизация**. Көчмөн жана отурукташкан калктардын маданияты жана дини. Аймактагы элдердин маданий-диний, чарбалык алакалашуулары.

**25. VI-VIII кк. Кыргызстандагы отурукташкан калктын маданияты**.

Дыйканчылыктын өнүгүшү, кол өнөрчүлүк, соода жана аймактагы шаар цивилизациясы. Суяб, Ош, Өзгөн, Атлах, Невакет, Атбаш, Барсхан, Шелжи ж.б. шаарлар. Талас жана Чүй өрөөндөрүндө согдулуктардын отурукташуусу. Аймактын калкынын этникалык жана социалдык курамы. Отурукташкан калктардын маданияты жана дини

**26. Эне-Сай кыргыз мамлекети IX к. башында.**

Кыргыздардын Уйгур каганттыгына көз карандылыгы. Кыргыз Ажосунун реформасы. Көз карандысыздык үчүн согуштун башталышы.

## 7-класс

## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

***(жумасына 2 саат, жылына 32 саат)***

### I.Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия.

**1. Саманилер мамлекети (875-999-жж.). 1 саат**

IX к. биринчи жарымындагы Мавераннахрдагы саясий абал. Саманилердин бийликке келиши. Исмаил Саманинин рефомалары. Мамлекетти башкаруу түзүмү. Бухаранын кадыр барктуу ислам борборуна айланышы. Аль-Фараби, Муса ал-Хорезм. Шаарлардын өсүшү. Кол өнөрчүлүк. Тоо-кен иштери. Сооданын өнүгүшү. Соода бирикмелеринин түзүлүшү. Соода кербендери. Кербен-сарайлар.

**2. Волгалык Булгария (IX-XIII кк.). 1 саат**

Волгалык Булгария мамлекетинин Волга (Итиль, Эдил) бассейинин ортоңку аймагында пайда болушу. Чуваш, татар жана башкыр элинин калыптанышындагы хун, булгар, хазар жана суварлардын ролу. Шаар маданиятынын гүлдөшү, түндүктөн славяндарга жана чыгыштан Сибирге кеткен Жибек Жолунда сооданын жанданышы.

**3. Газневилер мамлекети (961-1086-жж.). 1 саат**

Газневилер мамлекетинин түзүлүшү. Махмуд Газневи жана Себуктегиндин мезгилиндеги мамлекеттин күч алышы. Ички жана тышкы саясат. Индияны исламдаштыруудагы Газневилердин ролу. Чыгыштын ири ойчулдарыны бири Бирунинин илимий ишмердиги.

**4. Улуу Селжуктардын империясы (1038-1157-жж.). 1 саат**

Селжуктар мамлекети. Султан Санжардын башкаруу мезгилиндеги селжук мамлекетинин гүлдөшү. Социалдык-экономикалык абалы. Селжуктардын бийлигинин начарлашы. Кичи Азияны түрктөштүрүү процессинин башталышы. Мусулман маданиятынын борбору катары Мар, Балх, Рей, Исфаган шаарлары. Улуу ойчул - Жалаладдин Руми

**5. Хорезмшах мамлекети (1077-1231-жж.). 1 саат**

Хорезмде Хорезм-шах династиясынын бийлигинин орношу. Хорезм-шах мамлекетинин аймагынын кеңейиши. Монголдордун бийлигинин орнотулушу. Тимур Малик жана Жалаледдин Менгу-Бердинин эрдиктери

**6. Хорезмдин маданий мурастары. 1 саат**

Коомдук жана табигый илимдердин гүлдөшү. Аль-Хорезм, Аль-Фергани, Наршахи, Рудаки жана башкалар. Исламдын мамлекеттик динге айланышы. Суфизм окуусу. Юсуф Хамадани, Хожа Гиждувани, Ахмад Яссави, Наджимиддин Кубро. Курулуш жана көркөмдөп жасалгалоо. Күмбөздөрдүн, собордук мечиттердин мунаралары, медресе, мектептердин курулушу.

**Алдыңкы жана Түштүк Азиядагы түрк династиясы.**

**7. Индия жана Египеттеги түрк мамлюктарынын мамлекети. 2 саат**

Дели султандыгы. Мамлюк термини. Мамлюктардын келип чыгышы. Борбору Дели болгон Индиянын Түндүк бөлүгүндөгү түрк мамлюктарынын династиясы. Индияда түрк элдеринин санынын өсүшү. Египетте мамлюктардын мамлекети. Мустафа Котуз. Алдыңкы Азия (Иордания, Палестина, Сирия ж.б.) жана Египетте мамлюктардын саясий таасири. Крестүүлөргө каршы күрөштө мамлюктардын ийгиликтери. Мамлюктардын мусульман маданияты. Индия, Египет, Палестина жана Сириядагы архитектуралык эстеликтер. Араб-түрк сөздүгү.

**8. Кара-Коюнлу жана Ак-Каюнлудагы түрк династиясы. Сефевиддер мамлекети. 1 саат**

Кара-Коюнлу жана Ак-Каюнлу мамлекеттеринин саясий тарыхы, аймагы жана эли. Сефевиддер доорунда Иранда түрк элдеринин санынын өсүшү. Түрк тилиндеги адабий чыгармалар. Тебриздин ислам маданиятынын борборуна айланышы. Сефевиддер доорундагы архитектуралык эстеликтер.

**9. Осмон империясы. 2 саат**

Осмон мамлекетинин түзүлүшү. Бурса шаары – Осмондордун биринчи борбору. Адрианополь (Эдирне) – осмондордун Еевропадагы биринчи борбору. *Анкара согушу.* 1453-жылы Византия империясынын борбору Константинополдун кулашы. Осмон империясынын борбору – Константинополдун Стамбул деп кайра аталышы. Осмон империясынын күч-кубаттуу мамлекетке айланышы. Мусулмандардын ыйык Мекке жана Медина шаарлары Осмон бийлигинин астында. Түрк-ислам стилиндеги архитектуралык курулуштар.

**10. Казак хандыгы. 1 саат**

«Казак» терминининин пайда болушу жана мааниси. Абулхаирдин мамлекети. Жанибек жана Керей султандардын бөлүнүшү жана өз туугандары Могулистан аймагына жер которушу. Казак хандыгынын жана жүздөрдүн түзүлүшү. Казак хандарынын саясатынын негизги багыттары.

**II. Азия жана Африка цивлизациясы.**

**11. Чыңгыз хандын империясы (1206-1368-жж.). 1 саат**

Темучиндин ата-бабалары жана балалык кези тууралуу уламыштар. Темучиндин «Чыңгызхан» деп жарыяланышы. Монголдордун Борбордук Азия, Орто Азия, Закавказье жана Чыгыш Европадагы басып алуулары.

**12. Чыңгыз хандын империясы кулагандан кийинки Монгол мамлекеттери. 1 саат.**

Жучи улусу же Алтын Ордо мамлекети. 1312-ж. Өзбек хандын ислам динин мамлекеттик тил катары кабыл алышы. Алтын Ордо Евразиядагы күч-кубаттуу жана ири мамлекет. Хулагулар мамлекети же Ильхандар мамлекети. Юань империясы – негиздөөчү

Хубилай хан, Чыңгыз хандын небереси (Тулуйдун уулу).

**13. Тимур жана Тимурилер мамлекети (1370-1506-жж.). 1 саат.**

Улуу империянын негизделиши. Мамлекеттик саясаттагы исламдын ролу. Чарбалык жана маданий жашоо.Соода. Шаарларды көркөмдөп жасалгалоо. Самарканддагы архитектуралык иштер, жашылдандыруу жана аллеяларды түзүү. Илим жана маданияттын өнүгүшү. Улукбектин тушундагы илим жана адабияттын, маданияттын гүлдөшү. Улукбектин Академиясы. Миниатюра искусствосу. Алишер Навоинин мамлекеттик жана адабий ишмердиги, түрк тилин көтөрүүдөгү анын салымы. Адабий чөйрө.

**14. Бабурдун империясы (1526-1857-жж.). 1 саат.**

Захириддин Мухаммед Бабур (1483-1530-жж.). Бабурдун мамлекттик ишмер жана окумуштуу катары дүйнөлүк тарыхтагы ролу. Индияга жасалган согуштук жортуулдар Делини багындыруу, 1526-жылы Улуу Моголдор мамлекетинин негизделиши. Акбардын башкаруу мезгилиндеги Улуу Моголдор империясынын «алтын доору». Маданият, адабият жана архитектуранын өнүгүшү. Индостандагы түрк-индиялык же түрк-ислам цивлизациясынын өнүгүшү. Дели, Кандагар, Кабул жана Агра- ири маданий борборлор.

**15. Кытай. 1 саат.**

Тан империясы – бирдиктүү мамлекет. Сун империясы. Чыңгыз хан жана монголдор. Ойлоп табуулар. Биринчи газета. Курал жарак, ок-дарыны ойлоп табуу. Кытай окумуштууларынын илимдеги жетишкендиктери. Адабият жана искусство. Сыйынуу жайлары. Статуялар. Рельефтер. Живопись. Пейзаждар. Тынч океан аймагындагы мамлекеттерге кытай маданиятынын таасири.

**16. Япония. 1 саат.**

Өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү. Нара монархиясы. Самурайлар жана алардын «Бусидо» кодекси. Япониянын маданияты.

## III. Батыш, Европа жана Америка.

**17. Христиан цивилизациясы. 1 саат.**

Европанын христиандашуусу жана христиандагы эки багыттын түзүлүшү. Католик чиркөөсү. Православия. Папа Иннокентий III күч- кубаттуулугу. Папа жана королдордун эки жүз жылдык күрөшү. Чиркөө – «Сабатсыздар үчүн Библия». Чиркөөлүк соборлор жана христиан ишенимдеринин догмалары. Еретиктердин кыймылы. Альбигойдук согуштар. Инкивизиация. Франциск Ассиздик. Доминик Гусман.

**18. Орто кылымдагы цивлизациянын мүнөздүү белгилери. 2 саат**

Феодалдык мамилелердин орношу. Батыш Европадагы сословиелик түзүлүш. Диний жана диний эмес (светтик) бийлик. Батыш Европанын экономикалык өнүгүүсү. Борборлошкон мамлекеттердин түзүлүшү. Сепилдик архитектуранын жайылышы. Орто кылымдагы шаарлар. Орто кылымдагы кыштак. Дыйканчылык чарбасы. Эмгек шарты. Натуралдык чарба – феодалдык доордун өзгөчөлүгү.

Рыцарь – темир зоотчон атчан аскер. Рыцардын сепили – феодалдын чеби жана турак жайы. Рыцардык кадыр барк – рыцардык маданият. Куртуаздык поэзия жана аялзатынын назиктиги жана асылзаадалыгы. Рыцардык адабият. Король Артур – легендарлуу баатыр. «Тристан и Изольда» романы.

**19. Орус мамлекети. 1 саат**

Байыркы орус мамлекетинин түзүлүшү. Саясий бытырандылык. Мнголдордун басып алуулары. Алтын Ордо. Батыштын басып алууларына (экспансия) каршы күрөш. XV к. бирдиктүү орус мамлекетинин калыптанышы. Летописчилик (өткөн окуяларды жазуу): диний жана жалпы орустук. Турмуштук адабияттар. Афанасий Никитин «Үч деңиздин ары жагына» саякаты. Архитектура. Сүрөт искусствосу. Байыркы орус жана эртемосквалык мезгилдеги шаардыктардын жана айылдыктардын күнүмдүк тиричилиги.

**20. XVI-XVII кк. Россия. 1 саат**

Москванын айланасында орус жерлеринин бириктирүүнүн аякташы. Иван IV падышалык

таажыны алышы. XVI к. ортосундагы реформалар. XVI к. Россиянын тышкы саясаты. Опричина, себептери жана мүнөзү, ал жөнүндө талаштар. Опричининалык террор. XVII к. Россиянын экономикалык өнүгүүсү. Биринчи мануфактуралар. Жарманкелер. Ички жана тышкы соода.

**21. Улуу географиялык ачылыштар жана анын натыйжалары. 2 саат**

Христофор Колумбдун төрт жолку саякаты. Жаңы материктин экинчи ачылышы: Америго Веспучи. Жаңы Дүйнө тууралу элестөөлөр. Жер шарын биринчи айланып чыгуу: Фернандо Магеллан. Жер – шар формасында. Испандар жана португалиялыктар Жаңы материкте. Эранандо Кортес. Эльдорадону издөө. Азиядагы португалиялыктардын ээликтери. Улуу географиялык ачылыштардын мааниси. Дүйнө жөнүндө мурунку ой жоруулардын өзгөрүшү. Баа революциясы. Империялык биринчи колониялардын негизделиши. Дүйнөлүк базардын калыптана башташы. Индустриялык жана салттуу дүйнөгө жакындоо.

**22. Орто кылымдагы Батыш Европанын маданияты. 1 саат**

Орто кылымдагы адамдын дүйнө жөнүндөгү көз карашынын кеңейиши. Марко Полонун саякаты. Университеттердин пайда болушу. Данте Алигьери. Орто кылымдык искусство. Чиркөөнүн Батыш Европанын искусстосунун өнүгүшүнө таасири. Архитектура. Роман жана готика стилдери. Скульптура. Орто кылымдык живопись. Китеп миниатюрасы. Фрескалар.

**23. Италиядагы эрте кайра жаралуу маданияты. 1 саат**

Италиядагы эрте кайра жаралуу маданиятынын башаттары. Биринчи гуманисттер: Франческо Петрарка жана Джованни Боккаччо. Эрте кайра жаралуудагы гумманизмдин идеалдары жана искусство. Антикалык мурастарга кайрылуу. Гуманисттер жана алардын универсалдуу адам идеалы. Адамдын жекече өзгөчөлүктөрүнүн ачыла башташы. Портрет. Живопись. Сандро Боттичелли.

**24. Ойлоп табуу жана илимий ачылыштар. 1 саат.**

Астрология жана алхимиядан, химия жана медицинага. Суу кыймылдаткычтарынын өркүндөтүү. Домна мештерин ойлоп табуу. Металлды иштетүүүдө техниканы жана жабдыктарды өркүндөтүү. Ок атуучу куралдарды өндүрө баштоо. Согуш иштериндеги төңкөрүш. Деңизде сүзүүнүн жана кеме куруунун андан аркы өнүгүшү. Компастын жана астролябиянын пайда болушу. Иоганн Гутенбергдин китеп басып чыгарууну ойлоп табуусу. Элдин ар түрдүү катмарынын арасындагы сабаттуулуктун жана билимдеринин өсүшү. Китепканлардын жайылышы. Китеп басуунун жакшырышы.

**Кайталоо: 2 саат**

**Практикалык сабак: 2 саат**

**Жалпы саат 32**

**7-класс**

## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

***(жумасына 2 саат, жылына 36 саат)***

**1. Улуу Кыргыз дөөлөтү доору. 2 саат**

Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн түзүлүшү. Аймагы, калкы, аскердик күчү, жеңиштүү жүрүштөрү. Саясий түзүлүшү. «Кыргыз бодун». Мамлекеттик башкаруусу. Каган-мамлекеттин башчысы. Эльтебер, тегин, тутух ж.б. титулдар. Тан империясы менен дипломатиялык мамилелер. Эрен Улук, Эзгене, Тапу Алп Сол ж.б. Кыргыздардын улуу дөөлөтүнүн кулашы. Тянь-Шандык жана энесайлык кыргыздар X-XII кк. Эне-Сай, Монголия жана Алтайда өз алдынча иналдык кыргыз мамлекеттери. Урус инал, Шубуш инал, Огдем инал.

**2. Энесайлык кыргыздардын чарбачылыгы. 1 саат**

Борбордук Азия көчмөндөрүнүн жашоосу. Борбордук Азия көчмөндөрүнүн жашоосу. Шаарлар (Кемжикет, Балыклык, Уйбат) жана бекемделген отурукташкан айылдар. Чептик курулуштар. Аскердик иш. Кыргыз армиясынын курал-жарактары, саны жана аскердик тактикасы. Устачылык. Кол өнөрчүлүк. Ювелирдик искусство. Соода байланышы.

**3. Маданий мейкиндик. 2 саат**

Кыргыздар евразиялык маданий алкакта. Кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашы. Кыргыздардын күнүмдүк жашоосу жана турмуш-тиричилиги. Аялдардын коомдогу абалы. Балдар жана аларды тарбиялоо. Календарь жана убакыт чен-өлчөмдөрү. Кыргыздардын салттуу маданияты жана жазмасы. Жазуу жана археологиялык эстеликтер. Руникалык эпитафиялар (Алтын-Көлдөгү Барсбек каганга арналган жазуу). «Манас» эпосунун башаты, анын тарыхый өнүгүү мезгили.

4. **Диний ишенимдер. 1 саат**

Теңирчилик (Көкө-Теңири жана Умай эне), Тотем (жан-жаныбар-өсүмдүктөргө сыйынуу), Шаманчылык (бакшы жана бүбү), Анимизм (арбактарга сыйынуу) ж.б. Диний ырым-жырымдар.

5. **Карахандар каганаты (942-1212 жж.) 2 саат**

Карахандар династиясынын келип чыгышы. Афрасияб жөнүндө уламыш. Сатук Буура хан - карахандар династиясын жана мамлекетин негиздөөчү. Аймагы, жаратылыш шарты, көчмөн жана отурукташкан калкы. Каганаттын бөлүнүшү. Чыгыш жана батыш каганаттыгынын түзүлүшү. Саясий түзүлүшү. Карахандардын башкаруу системасы жана мыйзамдар. Аскери. Коомдук мамилелери.

6. **Караханийлердин материалдык маданияты. 1 саат**

Карахандар каганаттыгындагы көчмөндөрдүн отурукташуусу. Калктын негизги чарбачылыгынын тармактары. Жер иштетүү аймактары. Малчылык. Малчылык-дыйканчылык чарбачылыгынын жана шаар цивилизациясынын өнүгүшү. Көчмөндөрдүн жана отурукташкан элдердин кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн негизги тармактары. Тышкы жана ички соода.

7. **Орто-Азия шаарларынын негизги типтери. 1 саат**

Шаар кол өнөрчүлүктүн, сооданын, административдик башкаруунун, маданият жана агартуучулуктун борбору. Баласагын, Кашгар, Тараз, Барсхан, Өзгөн, Ош, Кочнгар-Башы, Ат-Башы, Самаркан, Ташкен ж.б. шаарлар.

**8. Улуу ойчулдар. 1 саат**

Ж. Баласагын улуу ойчул жана мамлекеттик ишмер анын илимий мурасы. «Кутадгу билиг» поэмасы («Куттуу билим»). Окумуштуу түркolog М. Кашгари (Барсхани) жана анын «Дивани лугати ат-түрк» (Түркий тилдеринин сөздүгү). Ислам динин кабыл алынышы жана анын мааниси.

**9. Маданий мейкиндик. 2 саат**

Көчмөн жана отрукташкан элдердин маданиятынын өнүгүшү жана алардын өз ара байланышы. Түрк элдеринин уламышы жана династияларынын тарыхы. Мамлекеттик түзүлүштөрү, шаарлары, коммуникациясы. Борбордук Азиядагы ар түрлүү уруулардын көчүүсү жана көчмөндөрдүн байланышы. Көчмөн мамлекеттердеги согуштар, дипломатиялык байланыштар жана элчиликтер, династиялык нике. Соода байланышы. Улуу Жибек жолу жана түрктөр. Азыркы Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөн Улуу Жибек жолунун бутагы.

**10. Борбордук-Азия жана Кыргызстан элдеринин маданий жетишкендиктери. 1 саат**

Архитектура, скульптура жана байыркы жазуулар. Байыркы түрктөрдүн искусствосу, жазуусу жана маданияты. Түрк элдеринин бирдиктүү маданий мейкиндигинин калыптанышы. Жазуу. Агартуучулуктун жайылышы. Элдик оозеки чыгармачылык жана мифтер, эпостук чыгармачылыктын өнүгүшү.

**11. Кара-кытайлардын мамлекети. 1 саат**

Кара-кытайлардын Жети-Суудагы мамлекетинин түзүлүшү. Элюй Даши – кара-кытайлардын гурханы. Баласагын – кара-кытайлардын мамлекетинин ордосу (Куз-Орду, Куз-Балык). Гурхандын диний саясаты. Найман урууларынын Жети-Сууга көчүп келишигы. Кучлук ас-Сегизинин башкаруусу.

**12. Кыргыздар XIII-XVI кылымдарда. 2 саат**

Монголдордун түндүккө алгачкы жортуулу. Жучу хан жана Чыңгыз ханга кыргыз

элчиликтеринин барышы. Курлун баатырдын көтөрүлүшү. Кыргыздар Юань империясынын курамында. Хубилай хан тарабынын кыргыздардын жер которуусу. Чынгыз хандын Орто-Азияга жортуулу.

**13. Чынгызийлердин өз алдынча улустары. 1 саат**

Чагатай улусу. Чагатай хандары тарабынан исламдын кабыл алынышы. Хайду мамлекети. Аймагы, калкы, экономикасы жана саясаты. Маданий жашоосу. Бахауддин Накшбандын исламдагы ролу.

**14. Моголистан мамлекети. 1 саат**

Моголистан мамлекетинин түзүлүшү. Аймагы жана калкы. Тышкы саясаты. Амир Темирдин мамлекети жана Моголистанды басып алуучулук жортуулдары. Моголистан мамлекетинин кыйрашы.

**15. Кыргыз мамлекети XVI-XVII кк. 1 саат**

Тянь-Шанда көз карандысыз кыргыз хандыгынын түзүлүшү. Мухаммед Кыргыз-кыргыздардын башкаруучусу. Кыргыз-казак согуштук-саясий союзу.

**16. Сибирь кыргыздары. 2 саат**

Сибирдеги кыргыз улустары: Ысар, Алтысар, Алтыр, Туба. Чарбачылыгы жана коомдук мамилелери. Жунгар хандыгы тарабынан энесайлык кыргыздардын каратылышы (1667). Иренак Ишей уулу - Алтырсары улусунун беги. Сибирде Россиянын үстөмдүгүнүн орношу. Кыргыздардын Жунгарияга жана Маньчжуриядагы Фу-йю аймагына көчүрүлүшү.

**17. XVI-XVIII кк. кыргыз майда тайпаларынын тарыхый тагдыры. 1 саат**

Калмак-кыргыздар. Маньчжуриядагы кыргыздар (фу-йю кыргыздары). Лоптуктар. Хакас (Хоорай элдери). Алтай, Тува, Монголия элдерине кыргыз тайпаларынын ассимиляцияланышы. Кыргыздардын, өзбек, тажик жана афгандар менен өз ара мамилелери.

**18. Кыргызстан маданияты XIII-XVI кк. 1саат**

Жаңы маданияттын башаты жана өбөлгөлөрү. Көчмөндөрдүн салттык маданияты. Отурукташкан калктын маданияты. Кыргызстандагы архитектуралык эстеликтер. Манас мавзолейи. Таш-Рабад кербен-сарайы. Диний ишенимдер. Тили жана жазуусу.

**19. Кыргыздардын социалдык-экономикалык жана саясий абалы XVII-XVIII кк. ортосунда. 1 саат**

Негизги чарбачылыгы: малчылык, жер иштетүү, кол өнөрчүлүк, аңчылык, соода. Кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү. Урук-уруулук жана социалдык структура. Башкаруу жана сот уюмдары. Курал-жарактары жана армиясы.

**20. Жунгарлардын баскынчылык доору. 2 саат**

Жунгар хандыгынын баскынчы жортуулдарынын башталышы. Калмактарга каршы кыргыз, казак жана өзбектердин биргелешкен күрөшү. Эшим хан. Көкүм бий. Жунгар хандары Цебан Рабдан жана Галдан Церендин баскынчылыктары. Түндүк кыргыз урууларынын Фергана, Гиссар, Гуляб жана Чыгыш Түркстанга жер которуусу. Кошой бий. Маматкул бий. Жунгар баскынчыларынан Ата Журту бошотуу. Атаке баатыр. Бердике баатыр. Ферганалык, памирлик жана чыгыш түркстандык кыргыздар.

**21. XVIII к. экинчи жарымындагы кыргыз элинин саясий абалы. 2 саат**

Кокон хандыктары менен жакшы коңшулук жана конфликттик мамилелери. Кубат бий. Цин империясы менен кыргыздардын дипломатиялык мамилелери. Маматкул бийдин элчилиги. Казак султандары менен болгон мамиленин курчушу. Абылай хандын жортуулу. «Жайыл кыргыны». Эсенгул бий. Россия менен болгон элчилик байланыштар. Атаке бийдин элчилери

**22. Материалдык маданияты. 1 саат**

Салттык турак-жайлар, кийим жана тамак аш. Элдик кол-өнөрчүлүк искусствосу. Боз үйдүн ички жана тышкы жасалгасы. Боз үйдүн жыгач жана кийиз бөлүктөрүн, анын жасалыш даярдоо технологиясы. Кийим-кечеги, баш жана бут кийим.

**23. XVI-XVIII кк. Кыргыздардын руханий маданияты. 1 саат**

Руханий маданият: элдик оозеки чыгармачылык. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында саясий жашоодогу уруунтуктуу окуялардын чагылдырылышы. Акындык өнөрдүн өзгөчөлүгү.

Музыка искусствосу. Инструменттер, күүлөр. Эмпирикалык, астрономиялык билимдер. Элдик медицина. Элдик оюндар.

**Кайталоо: 2 саат**
**Практикалык сабак: 3 саат**
**Жалпы саат 36**

**8-класс**

## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

***(жумасына 2 саат, жылына 32 саат)***

### I.XVIII -XX кк. башындагы Европа жана Америка өлкөлөрү.

1. **Өнөр жай революциясы. 1 саат**

Европадагы агрардык коомдон индустриялык коомго өтүү. Өнөр жай төңкөрүшү жана анын кесепеттери Жаңы мезгилдеги техникалык пргресс. Дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүнүн өнүгүшү. Жаратылыш жана коом жөнүндө адамдын көз карашындагы өзгөрүүлөр. XIX-XX кк. аралыгындагы индустриалдык коомдогу руханий кризис. Жаңы мезгилдеги маданий мурастар. Илимий техникалык революция.

2. **АКШ. 2 саат**

Көз карандысыздык үчүн согуш жана Америка Кошмо Штаттарынын түзүлүшү. "Көз каранды эместик декларациясы". Америка революциясынын өзгөчөлүгү жана мүнөзү. Эки партиялуу системанын орношу. АКШнын аймагынын кеңейиши. АКШдагы граждандык согуш. А.Линкольн. Өлкөнү индустриалаштыруудагы өзгөчөлүктөр. «Монро доктринасы». Деңиз кубаттуулугунун өнүгүшү. «Доллар дипломатиясы».

3. **XVII-XVIII кк. Россия. 1 саат**

Петр I нин башкаруу мезгилиндеги Россия. Россия империясынын түзүлүшү. Абсолюттук монархиянын калыптанышынын аякташы. «Агартуучулук абсолютизм» жана анын Россиядагы өзгөчөлүгү. Петра I кайра түзүүлөрүнөн кийинки жаңы светтик маданияттын өнүгүшү.

XVIII к. Россия элдеринин маданияты жана орус маданияты. XVIII к. Россиядагы илим. Петербургдагы илимдер Академиясы. М.В. Ломоносов. Москва университети – биринчи орус университети.

4. **XIX к.аягы –XX к. башындагы Россия империясы. 1 саат**

Социалдык-экономикалык өнүгүү. Империянын чек арасынын кеңейиши. 1861-ж. дыйкандар реформасы жана анын кесепеттери. 1861-ж. реформа жана анын мааниси. Экономикалык өсүш. Өнөр жайынын өнүгүшү. Экономикадагы жаңы географиялык абал. Шаарлардын көрүнүшү жана урбанизация. Ата мекендик жана чет өлкөлүк капитал, анын өлкөнү индусриалаштыруудагы ролу. Россия – нанды дүйнөлүк экспорттоочу. Агрардык маселелер.

5. **Европанын салттуу маданияты. 1 саат**

Капитализмдин жаңы прогрессивдүү идеясы, анын маданияттын өнүгүшүнө тийгизген таасири. Коомдун өнүгүшүндөгү жеке инсандын ролу. Илим жана агартуу. Фрэнсис Бэкон, Галилео Галилей, Иоганн Кеплер, Рене (Картезий) Декарт, Исаак Ньютон жана алардын илимий ачуулары.

Техникалык прогресс жана күнүмдүк жашоонун өзгөрүшү. Байланыш, тарнспорттун

өнүгүшү. Билим берүүнүн өсүшү жана сабаттуулуктун жайылышы. Массалык басманын пайда болушу. Коомдук пикирдин калыптанышындагы басма сөздүн ролу. Элитардык, элдик жана массалык маданият. Көркөм адабият жана искусстводогу жаңы көрүнүштөр. Дүйнөлүк көз караш баалуулуктары жана жашоонун маңызы.

## II. XVIII - XX кк. башындагы Азия жана Африка өлкөөрү.

### 6. Япония. 1 саат

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү: жогорулоо жана төмөндөө. Япониядагы шаарлар жана алардын сооданын өнүгүшүндөгү ролдору. Мейдзи революциясы жана анын мааниси. Японияда капиталисттик мамилелердин өнүгүшү. XIX к. аягы XX к. башындагы япониялык империализмдин өнүгүшү. XX к. башындагы Япониянын социалдык-саясий абалы.

### 7. Кытай. 1 саат

Цин династиясынын башкаруу мезгилиндеги Кытайдын мамлекеттик, социалдык-саясий жана экономикалык түзүлүшү. Жарым колониялык Кытайдын социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Ихэтуандардын кризиси жана өкмөткө каршы күчтөрдүн өсүшү. «Жаңы саясат» жана династиянын начарлашы. 1911-1913-жж. Синьхай революциясы. Цин династиясынын кулашы. Монархияны кулатуу жана республиканын жарыяланышы.

### 8. Маданияттын өнүгүшү. 1 саат

Чыгыштын салттуу маданияты. Евразиянын дүйнөлүк сүрөттөлүшү боюнча ой жоруулардын өзгөрүшү. Маданият аралык байланыш жана коммуникация (Евразия элдеринин маданиятынын байланышы жана бири-бирине таасири). XIX-XX кк. Азия өлкөлөрүнүн салттуу коомундагы кризис.

## III. XVIII –XX кк. башындагы Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия

### 9. XVII-XVIII кк. Осмон империясы. 1 саат

Осмон империясынын курамындагы элдер жана мамлекеттер. Империянын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү. Осмон империясынын кризиси. «Чыгыш маселеси» жана провинциялардагы абал. Селим III жана Махмуд II реформалары. Танзимат реформасы: максаты жыйынтыгы. Осмон империясынын курамына кирген элдердин улуттук-боштондук кыймылы. XVIII к. ортосундагы Осмон империясынын согуштары жана анын кесепеттери.

### 10. Осмон империясы. 1 саат

Социалдык-экономикалык жана саясий абал. Балкандагы улуттук-боштондук кыймылдар. «Чыгыш маселесинин» кайрадан курчушу. 1853-1856-жж. Крым согушу, анын жыйынтыгы. Осмон мамлекетиндеги реформалар: танзимат, ыслахат. XIX к. аягында Түркиядагы улутчулдук-мекенчилдик аң-сезимдин ойгонушу. 1878-1879-ж. орус-түрк согушу. «Жаш түрктөр» жана алардын максаты, кыймылы. Биригүү жана өнүгүү партиясы.

### 11. Осмон империясынын түрк мамлекеттери менен өз ара байланышы (Крым, Кавказ, Урал-Поволжье жана Борбордук Азия). 2 саат

Осмон империясынын бир тууган түрк мамлекеттери менен эки тараптык мамилелери. Осмон империясынын Крым, Казан, Ногой, Өзбек жана Казак хандыктары менен өз ара байланышы. Бухара, Хива, Кокон жана Кашгар хандыктары менен ар тараптуу дипломатиялык мамилелери. Окумуштуу Али Кушчу. Түрк тилиндеги Мехмед Султандын ырлары. Крым татарлары, кавказ түрктөрү жана Урал-Волга бою аймагындагы түрктөрдүн Анатолияга отурукташуусу.

### 12. Бухара эмираты. 1 саат

Абдуллахан II башкарган Бухара хандыгынын түзүлүшү. Бухара хандыгынын социалдык-

саясий жана экономикалык абалы. Кол өнөрчүлүк. Ички жана тышкы соода. Россия менен байланыштын кеңейиши. Бухара эмираттыгындагы маданий турмуш. Бухара – агартуу жана ислам борбору. Мектеп жана медреселер. Шаар жана маданий курулуштар. Бухаранын шартынын жакшырышы, жаңы медресе, мечит башка имаратардын курулушу. Адабият тармагы: Мушфики, Насафи, Турди, Бедиль, Таниш Бухаринин «Абдулланамэ» чыгармасы. Бухаралык тарых мектеби.

**13. Хива хандыгы. 1 саат**

Хива хандыгынын түзүлүшү. Эльбарскан. Социалдык-экономикалык абал. Соода. Хиванын Россия менен байланышы. Беккович-Черкасский менен Никофоровдун дипломатиялык миссиясы. Маданий жашоо. Мунис, Огах. Маданий курулуш. Котормо түзүлүшү. Тарыхый мектептер.

14. **Кокон хандыгы. 1 саат**

XVIII к. Фергана өрөөнүндөгү абал. Миң уруусунан чыккан Шахрухбийдин Кокон хандыгын негиздеши. Хандыктын аянты, калкы, социалдык-саясий жана экономикалык турмушу. Россия менен Кокондун мамилесинин кескин начарлашы. Кокон хандыгындагы маданий турмуш. Машраб, Увайси, Надирабегим, Фазли, Амири, Махмура жана Гульханинин адабий ишмердүүлүктөрү. Кокон тарыхый мектеби.

**15. XVIII - XIX кк. Борбордук Азия. 1 саат**

Жунгар баскынчыларына каршы күрөш. Кичүү жүздүн Россияга кошулушу. Казакстанды казак орустарынын колониялаштыруусунун кеңейиши. Абылай хан. Казакстанда хан бийлигинин жоюлушу. XIX к. казак элинин улуттук-боштондук кыймылы. Кененсары Касым уулу. Казакстандын Россия империясына кошулушунун аякташы.

**16. Орто Азияны басып алуу. 1 саат**

Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү. Бухара эмираты жана Хива хандыгына Кауфмандын жүрүшү. Бухара эмираты жана Хива хандыгынын падышалык Россиянын вассалына айланышы.

Кокон хандыгындагы саясий кризис. Элдик көтөрүлүш. Пулатхан, Насриддинбек. Падышалык Россиянын Кокон хандыгын жоюшу. Фергана облусунун түзүлүшү.

**17. Крайдагы падышачылыктын колониалдык саясаты. 1 саат**

Башкаруудагы колониялык системасын орнотуу. Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү 1867-ж. мыйзам. 1886-ж. «Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү жобо». Ташкен шаардык Думасы.

Түркстандагы экономикалык үстөмдүгүн камсыз кылуу боюнча падышачылыктын иш чаралары. Орус өнөр жайынын жана финансы капиталынын крайдагы үстөмдүгү. Темир жол, завод жана фабрикалардын курулушу. Орус элин крайга көчүрүү саясаты. Жергиликтүү калкты айдоого жарактуу жерлеринен сүрүп чыгуу. Фергана өрөөнүндөгү элдик кыймылдар. Ташкен көтөрүлүшү. Анжиян көтөрүлүшү.

18. **XIX к. – аягы XX к. башындагы Түрк элдеринин маданияты**. **2 саат**

Түркстанды колониалаштырууну күчөтүү багытындагы агартуу жана маданият тармагындагы падышачылыктын саясаты. Жергиликтүү элдин каада салтын, мыйзамдуу укуктарын басмырлоо. Орусташтыруу саясаты. Орус-тузем мектептери. Адабият, илим, искусство, коомдук-философиялык ойлор. Ахмад Дониш.

Мектеп жана медреселер. Жадиддер кыймылынын Түркстанда жаралышы. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү: Исмаилбей Гаспринский, Махмудкожо Бехбуди, Мунаввар Кари Абдурашидханов, Абдулла Авлони, Абдурауф Фитрат, Хамза. Алардын социалдык-саясий жана агартуучулук көз караштары.

19. **Түрк элдеринин материалдык маданияты**. **2 саат**

Салттуу турак жай ( боз үй, чатыр), анын салт менен байланышы (үй буюмдарын пайдалануу, төр – кадырлуу орун), баалуу жасалгалардын түрлөрү. Архитектуралык эстеликтер. Шаардык маданият.

Түрк элдеринин улуттук кийимдериндеги, өзгөчөлүктөр, алардагы түстөрдү тандоо, кооздоодо, формасындагы жана орнаменттериндеги жалпылыктар.

Түрк элдеринин улуттук маданияты. Борбордук Азия, Урал-Повалжье, Кавказ, Анатолия жана Балкан түрктөрүнүн спорттук оюндары – күрөш, күрес, гүреш. Ат оюндарынын тарыхый өзгөчөлүктөрү, кыргыздардагы көкбөрү, казактардагы көкпар, оглак жана өзбектердеги көпкары. Кавказ жана Анатолиядагы спорттун бул түрүнүн варианттары. Балдар оюндары жана оюнчуктар: тогуз кумалак, ак терек, ак чөөлмөк, куурчак жана оюн шарттары.

**20. Түрк дүйнөсүнүн маданий жана руханий мурастарынын жалпылыгы. 2 саат**

Түрк адабияты. Түрк элдеринин жалпы эпостору: 1) Өгүзнаме, 2) Деде Коркут, 3) Алпамыш (Алпамыс, Алп Манаш / Алп Манас), 4) Көроглу, 5) Манас. Музыкалык жана акындык өнөр (жырыя, композиторлор жана акындар)

Чечендик өнөр жана акыйкатчылыктын символу – Насреддин Кожо, Азербайжанда Молдо Насреддин, ал эми Борбордук Азияда Кожо Насреддин эфенди деген ат менен белгилүү. Казак, каракалпак жана өзбектер үчүн жалпы баалуу - Алдар Көсөө.

Түрк элдеринин руханий баалуулуктары. Улуттук майрамдар жана тарыхый салттардын жалпылыгы. Улуттук майрам катары Ноорузду майрамдоо. Мүчөл – 12 жашка толуу.

Адамдарга жакшылыкты алып келүүчү мифтик инсандар: Анатолия жана Балкан өлкөлөрүндө Хыдыр-Иллез/ Кыдыриллез, Хызыр-Ильяз, Хожа Хызыр/Кыдыр.

**21. XX к. башындагы дүйнө. 1 саат**

XX к. башындагы улуу державалардын экономикалык жана дүйнөлүк биримдиги. Улуу державалар ортосундагы дүйнөнү аймактык бөлүштүрүүнүн аякташы, алардын ортосундагы карама-каршылыктын тереңдеши. Элдердин массалык миграциясы. Экономикалык өнүгүүнүн тең салмактуу эместиги. «Жаңы империализм». Биринчи дүйнөлүк согуштун себептери. Согуштук-саясий блоктордун алмашышы. Согуштук-саясий блоктордун түзүлүшү. Куралдануу. Биринчи дүйнөлүк согуш алдындагы дипломатиялык саясат.

**22. 1914-1918-жж. Биринчи дүйнөлүк согуш. 1 саат**

Биринчи дүйнөлүк согуш: себептери, максаты жана согушка катышуучулардын планы, согуш аракеттеринин этаптары. Биринчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгы.

**23. 1916-ж. Борбордук Азиядагы улуттук-боштондук кыймыл. 1 саат**

Жергиликтүү элди оорук жумуштарына тартуу боюнча падышачылыктын саясаты. 1916-ж. кыймылдын улуттук-боштондук мүнөзү жана себептери, башталышы жүрүшү (кыймылдын негизги этаптары, аймактарга жайылышы, социалдык базасы). Казакстандагы кыймылдын лидерлери (А.Иманов, Т.Бокин, Б.Ашекеев, С.Мендешев). 1916-ж. Казакстандагы улуттук кыймылдын жеңилиши жана анын тарыхый мааниси.

**Кайталоо: 2 саат**
**Практикалык сабак: 2 саат**
**Жалпы саат 32**

**8-класс**

## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

***(жумасына 2 саат, жылына 36 саат)***

1. **Кыргызстан XIX к. биринчи жарымында**. **2 саат**

Аймагы жана калкы. Кыргыз уруктары жана урууларынын жайгашуусу. Чарбачылыгы, социалдык структурасы, административдик-саясий түзүлүшү. Кокон хандыгынын түштүк Кыргызстанды басып алуусунун аякташы. Өлкөнүн түндүгүндө Кокон хандыгынын үстөмдүгүн орношу. Кыргыз-орус элчилик байланыштары.

2. **Кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшү**. **1 саат**

Атантай жана Тайлак баатырдардын көтөрүлүшү. Кокон хандыгынын саясий жашоосуна кыргыздардын катышуусу жана ролу. Алымбек датка Алай башкаруучусу. Кокондуктарга каршы көтөрүлүш

3. **Өз алдынча кыргыз хандыгы**. **1 саат**

Өз алдынча кыргыз хандыгынын түзүлүшү. Ормон хан. Мамлекеттик бийликтин

органдарын уюштуруу. Мыйзам. Сот. Армия. Боромбай бий, Жантай, Жангарач. Кыргыздардын Кененсары Касымовго каршы күрөшү. Уруу башчыларынын ич ара согушу жана анын кесепеттери. Цин империясына каршы боштондук күрөшүнө кыргыздардын катышуусу.

4. **Россия империясынын Кыргызстанды басып алышы.1 саат**

Бугу уруусунун Россияга багыт алышы. Бугу уруусунун Россиянын букаралыгына кабыл алынышы. Россия армиясынын 60-жж түндүк кыргыз урууларын каратуу жортуулу.

5. **Кыргызстандын түштүгүн Россиянын каратып алышы. 2 саат**

Кокон хандыгындагы саясий кырдаалдын курчушу. Кокон хандыгынын Россия империясына вассалдык көз карандылыгы. Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш. Болот хан. Көтөрүлүштү басуу. Кокон хандыгынын жоюулушу. М.Д.Скоблевдин Алайга жүрүшү. Түштүк Кыргызстанды басып алуунун аякташы. Курманжан датка - «Алай ханышасы».

6. **Кыргызстан Россия империясынын колониясы. 1 саат**

Кыргызстан – Россия империясынын колониясы. Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү. Административдик-колониялык башкаруу. Аймактык бөлүштүрүү. Орус администрациясы жана жергиликтүү калк. «Бөтөн элдер жөнүндө» аттуу жободо кыргыздардын укук жана милдеткерлигинин мүнөздөлүшү. Сот системасы.

7. **XIX к. экинчи жарымы -XX к. башындагы Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өнүгүү. 2 саат**

Жаңы шаарлардын курулушу. Орус дыйкандарынын Кыргызстанга жер которуусунун башталышы. Кытайдагы дунган жана уйгурлардын Кыргызстанга көчүп келүүсү. Орус-украин жана дунган кыштактарынын пайда болушу. Социалдык мамилелер. Манап, бий, бай, казы. Жаңы салык системасынын киргизилиши. Агрардык саясат. Улуттук эзүүнүн күч алышы. 1898-ж. Андижан көтөрүлүшү.

**7. Кыргызстан XX к. башында. 2 саат**

Крайдагы экономикалык жаңы көрүнүштөр. Жергиликтүү тоо кен иштетүү өндүрүшүнүн калыптанышы. Сүлүктү жана Таш-Көмүр шахталарын иштетүү. Темир жол куруу жана почта, телеграф байланыштарынын жүргүзүү. Экономикалык өсүш. Шаар жана сооданын өнүгүшү, акча-товар мамилелери. Жарманке. Көчүп келүү кыймылынын күчөшү.

Кыргыз дыйкандарында жана көчүп келген келгиндерде социалдык теңсиздиктин тереңдеши.

Кыргызстандагы дунгандар. Уйгурлар. Немецтер. Алардын кесиби, тиричилиги жана маданияты.

**Айыл чарба**. Кыргыздардын салттык чарбачылыгынын Россия империясынын базарына багытталуусу. Дыйканчылыкты жайылтуу. Кыргызстанда столыпиндик агардык реформанын жүргүзүлүшү жана кыргыз жерлерин тартып алуунун күчөшү.

8. **1916-ж улуттук бошондук көтөрүлүш. 2 саат**

Падышалыктын салык саясаты. Биринчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде улуттук эзүүнүн күчөшү. Көтөрүлүштүн башталышы, жүрүшү жана мүнөзү. Көтөрүлүштүн жетекчилери. Канат хан. Мөкүш хан. Көтөрүлүштун жеңилиши. Көтөрүлүшчүлөрдүн чарбасын талкалоо жана аларга каршы репрессия жүргүзүү.

9. **Кыргыздардын салттык чарбачылыгы. 1 саат**

Көчмөн жана жарым көчмөн малчылык. Сугат дыйканчылыгынын жайылышы. Сугат системасы. Аңчылык. Канаттууларды кармоо. Мүнүшкөрлүк. Кол өнөрчүлүк жана үй өндүрүшү-устачылык жана ювелирдик, карапачылык, тери иштетүүчүлүк, килем токуучулук шырдак, ала кийиз жасоо, жыгач иштетүүчүлүк. Көчмөндөрдүн отурукташуусунун башталышы.

**10. Кыргыздардын коомдук түзүлүшү жана үй-бүлөлүк жашоо, тиричилиги. 1 саат**

Социалдык жиктелүү жана мүлктүк теңсиздик. Уруу ак сөөктөрү. Ислам. Айыл жамааттары. Патриархалдык чоң үй-бүлө. Нике ырым-жырымы. Калың. Той. Элдик ырым-жырымдар жана салттар.

**11. Маданияттагы жаңы көрүнүштөр. 1 саат**

Материалдык маданият: архитектуралык эстеликтер, мавзолей. Турак-жайдын тиби, айыл-кыштактар. Жашоочу жана чарбалык бөлмөлөр (үй, короо-сарай). Үй куруу салты. Боз-үй негизги турак жай жана дүйнө модели. Боз үйдүн эпчи жана эр жагы.

**12. Кийим. 1 саат**

Салттуу кийим кече. Аялдар кийими. Социалдык жана жаш өзгөчөлүктөргө карата кийимдердин бөлүнүшү. Баш кийим. Эркектердин кийими. Мезгилдүү жана ритуалдык кийимдер.

**13. Элдик-колдонмо искусство. 1 саат**

Ювелирдик кооздуктар. Аскердик куралдар. Көчмөндөрдүн жана дыйкандардын эмгек куралдары. Зоот кийимдер. Ат жабдыктар. Үйгө керектелүүчү буюмдар.

**14. Тамак-аш. 1 саат**

Элдик ашпозчулук; эт тамактары: беш бармак, казы, карта, чучук, олово, сары жүрмө. Конокторго тартылуучу устукандар: уча, куймулчак ж.б. Сүт азыктары: айран, кымыз, курт, эжигей, сүзмө, чалап, каймак, сары май, карын май. Ун азыктары: боорсок, калама, каттама, токоч. Суусундуктар: бозо, максым, жарма, чай, куурума чай, көжө.

**15. XVIII к. аягы-XX к. башындагы кыргыз элинин маданияты. 1 саат**

Сабаттуулук жана салттык билимдер. Элдик агартуучулук. Мектеп, медресе. Астрономия, метерология жана медицина боюнча элдик билимдер. Жыл эсептөө: кыргыздардын календары. Табыптар. Элдик оюндар.

**16. Элдик оозеки чыгармачылык. 2 саат**

Төкмө акындык: Женижок (Өтө Көкө уулу 1859-1918-жж), Токтогул Сатылган уулу (1864-1933-жж), Барпы Алыкул уулу (1884-1949-жж), Эшмамбет Байсейт уулу (1867-1926-жж). Жазгыч акындар: Молдо Ныяз, Нурмолдо, Тоголок Молдо. Молдо Кылыч Шамыркан уулу.

Музыка: Күрөңкөй Белек уулу, Ныязаалы Борош уулу, Муратаалы Күөңкөй уулу, Карамолдо Ороз уулу, Боогачы Жакыпбек уулу, Ыбырай Туман уулу. Лирикалык ырлар. Ырым-жырым ырлары. Салттык, үрп-адат ырлары. Оюн ырлары.

**17. Диний ишенимдер. 1 саат**

Мусулмандардын абалы жана ислам. Салттык ишенимдер. Теңирчиликтин ыйыктыгы. Ислам. Теңир-Тоо, Жети-Суу жана Фергана өрөөнүндө исламдын тароо процесси. Кыргыздардын исламды кабыл алуусу. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери менен исламдын шайкеш келиши. Кыргыздар жана «исхаакия», «ышкия» диний жамааттары. Мечит. Дин кызматкерлеринин абалы. Исламдык окуу. Диний башкаруу.

**18. Элдик спорттук мелдештер. 1 саат**

Ат чабыш, Көк-Бөрү, Эр эңиш, Ордо. Аңчылык салттар. Бүркүт салуу.

**19. «Манас» баатырдык эпосу. 2 саат**

”Манас” эпосу оозеки чыгармачылыктын туу чокусу. “Манас” эпосунун жаралышы, булагы жана тарыхый өнүгүш жолу. Манас үчилтиктиги: Манас, Семетей,Сейтек.

Эпикалык мурас. Манас, Алманбет, Чубак, Сыргак ж.б.-эпостогу баатырлардын эрдиктери. Эпостун негизги идеясы – кыргыз элинин көз карандысыздык жана мамлекетүүлүк үчүн күрөшү. Эпостун мифологиялык структурасы. Орто Азиянын жана Улуу Талаа көчмөн элдеринин дүйнөгө болгон көзкарашынын салттык чагылышы. «Манас» эпосу кыргыздардын өзүн өзү таануусуна, маданиятын жана тилидин өнүгүшүндөгү ролу. «Манас» эпосун окуп-үйрөнүү жана ага тарыхый-маданий баа берүү.

**20. Манасчылар. 2 саат**

Эң алгачкы манасчылар: Ырамандын Ырчы уулу, Жайсаң ырчы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы (XVI к). Манасчылык өнөрүн улантуучулар: Акылбек, Чоңбаш, Назар ырчы, Тыныбек Жапый уулу (1864-1902-жж), Келдибек Барыбоз уулу, Балык кумар уулу (1793-1873-жж), Чоюке Өмур уулу (1863-1925-жж), Чомо Асыран уулу (1879-1924). XX к. залкар манасчылары: Сагымбай Орозбак уулу (1867-1930-жж), Саякбай Карала уулу (1894-1971-жж).

Манас эпосунун үзүндүлөрүн жазып алуу жана жарыялоо. Ч. Валиханов, В.В. Радлов,

Х. Фаизханов, Алмаши.

**21. Кенже эпостор. 1 саат**

Эр Төштүк, Жаныш-Байыш, Курманбек, Жаңыл-Мырза, Эр-Табылды, Кожожаш ж.б.

**22. Россиянын жана Европанын саякатчылары жана окумуштуулары тарабынан Кыргызстандын жаратылышын, тарыхын жана маданиятын изилдөө.**

**1 саат**

Илимий экспедициялар: П.П. Семенов-Тянь-Шаньский (1856-57-жж), Ч.Ч. Валиханов (1857-59, 1864 жж), Н. А. Северцова (1864-67-жж), А.П. Федченко (1868-71-жж), В.В. Верещагин (1869-70-жж), Н.М. Пржевальский (1870-88-жж) ), Габриел Бонвалоо, Арминий Вамбери, Адил Хикмет Бей, Элла Сайкс, Леди Макартни, ж.б.

**Кайталоо: 2 саат**

**Практикалык сабак: 3 саат**

**Жалпы саат 36**

## 9-класс

## ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

***(жумасына 3 саат, жылына 48 саат)***

1. **Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки эл аралык мамилелер. 1 саат**

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки дүйнө. Империялардын кулашы жана жаңы мамлекеттердин түзүлүшү. Улуттар Лигасынын түзүлүшү жана анын алсыздыгы. Согуштан кийинки эл аралык мамилелер.

2. **20-30-жж. Россиянын саясий өнүгүүсү. 2 саат**

Февраль революциясы. Россияда Совет бийлигинин орношу. В.И.Ленин. Жер жана Тынчтык жөнүндө Декрет. Интервенция жана жарандык согуш. СССРдин түзүлүшү. 1924-ж. Конституция. 1936-ж. СССРдин Конституциясы. Сталин жана тоталитаризм. Пропаганда жана чыныгы жетишкендиктер. 1937-1938-жж. массалык саясий репрессия. ГУЛАГ системасын түзүү.

3. **Борбордук Азия 1917 – 1918 - жж. революциялар жана жарандык согуш жылдарында (1918-1920-жж.). 2 саат**

Түркстан генерал-губернаторлугундагы 1917-ж. февраль революциясы. Коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр. Улуттук партиялар («Алаш», «Шуро-и-Исламия», «Туран», «Букара» сюзу). Алардын лидерлери жана программалары. Ташкендеги куралдуу көтөрүлүш жана Совет бийлигин орнотуу. Крайда Совет бийлигин орнотуу. Экономикалык реформаларды жүргүзүү.

Борбордук Азиядагы абал. Мусулмандардын крайлык кезексиз IV курултайы. Түркстан (Кокон) автономиясы. РСФСРдын курамындагы Түркстан АССРнын түзүлүшү (1918). Оренбургдагы (1917-ж. декабрь.) Жалпыказактардын II курултайы жана «Алаш» казак автономиясын түзүү. Алаш-Ордо» өкмөтүнүн жана Совет бийлигинин органдарынын өз ара байланышы.

Жарандык согуш, анын өзгөчөлүктөрү. Басмачылык кыймыл, анын маңызы, социалдык базасы жана мүнөзү. Мадамин-бек. Түркомиссия. Кызыл Армиянын улуттук бөлүктөрүнүн түзүлүшү жана алардын басмачыларга каршы күрөшү. М.В. Фрунзе (1919-20-жж.) командачылыгы астындагы чабуул. «Басмачылыкка» каршы күрөш, жана аны басуу. Хива хандыгындагы жана Бухара эмирлигиндеги социалдык-саясий абал. «Хорезм жана Бухара элдик советтик республикаларынын» жарыяланышы.

4. **1920-жж. Борбордук Азиядагы улуттук мамлекеттик курулуш. 2 саат**

Советтик Казак мамлекетинин түзүлүшү. Казак АССРнин аймагынын калыптанышы. Орто Азияны улуттук мамлекеттик бөлүштүрүү. Кыргыз (Казак) АССРнын курамына Сыр-Дарыя жана Жети-Суу областарынын кошулушу. Улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүүнүн кесепеттери. А. Икрамов, Ю. Ахунбабаев, Ф. Ходжаев, В.Иванов, А. Рахимбабаевдердин ишмердүүлүктөрү. «Жергиликтештирүү» саясаты жана улуттук курулуш маслеси боюнча

күрөш.

**5. 30-жж. дүйнө. 1 саат**

1929-1933-жж. дүйнөлүк экономикалык кризистин өзгөчөлүктөрү, анын социалдык кесепеттери. Либералдык-демократиялык режим. Нацисттик диктатуранын социалдык-экономикалык саясаты. Экономиканы милитаризациялоо. Үчүнчү Рейхтин агрессивдүү тышкы саясаты. Согушка даярдануу.

**6. Түркия. 1 саат**

Осмон империясынын кулашы. Султандын режиминин кризиси жана чет өлкөлүк интервенттерге каршы күрөш. Мустафа Кемалдын (Ататүрк) реформалары. Саясий, экономикалык жана маданий кайра түзүүлөрдү ишке ашыруу. XX к.30- 40-жж. Түркия Республикасынын өнүгүшү.

**7. АКШ. 1 саат**

Согуштан кийинки АКШнын саясий жана экономикалык өнүгүүсү. Дүйнөлүк экономикалык кризис жана анын кесепеттери. Г.Гувердин администрациясынын анткризистик программасы. 1932-ж. президенттик шайлоо жана демократтардын жеңиши. Ф.Д.Рузвельттин «Жаңы багытты». Айыл чарбасындагы саясат. «Жаңы багыттын» социалдык реформалары. Дүйнөлүк согуштар аралыгындагы АКШнын тышкы саясаты.

8. **1929-1941-жж. Советтер Союзу. Маданий революция. 2 саат**

Тездетилген индустриялаштыруу: аймактык жана улуттук өзгөчөлүктөр. СССРдин агрардык-индустриалдык дөөлөткө айланышы. Согуштук өндүрүштү тездетип өнүктүрүү жана жаңы техникаларды өздөштүрүү. Эмгек мыйзамдарынын катаалдантуу. Экономикада терс көрүнүштөрдүн өсүшү.

Айыл чарбасын коллективдештирүү жана анын кайгылуу кесепеттери. 1932-1933-жж. СССРдеги ачарчылык коллективдештирүүнүн натыйжасы катары. Пландуу экономиканы түзүү.

Сабатсыздыкка каршы күрөш. Айылдык китеп окуу жайлары. Улуттук жазууну түзүү жана алфавитти алмаштыруу. Рафактар (жумушчу факультеттери). Милдетүү башталгыч билим берүү. Адабият жана искусство тармагына мамлекеттин катуу көзөмөлдү орнотуу. 1930-жж. илим, адабият жана кинемотография. Улуттук интелигенциянын калыптанышы.

**9. 1920-1930-жж. Совет коому. 2 саат**

«Жаңы адамды» калыптандыруу. Интеранационализмге жана советтик патриотизмге тарбиялоо. Коллективдүү баалуулуктарды үгүттөө. 1930-жж. кыштактан шаарга: күч менен көчүрүүнүн кесепеттери жана калктын миграциясы. Беш жылдык курулуштардагы эмгек жана тиричилик шарттары. Кыштактагы жашоо. Колхозчулардын жеке көмөкчү чарбалары.

Шаарлардагы эс алуу. Маданият жана эс алуу парктары. Москвадагы бүткүл союздук жетишкендиктер көргөзмөсү. Үлгүлүү универсалдуу дүкөндөр. Комсомол жана пионерлер. Аскердик-спорттук уюмдар. Советтик ырым-жырымдар жана майрамдар. «Кудайсыздардын күжүрмөн союзу». Чиркөөлөрдөгү жаңылануу кыймылдары.

СССРде акимчил-буйрукчул режимдин бекемделиши. Жеке бийликтин күчөшү. Республикалардын укуктарынын чектөө. 1937-1938-жж. массалык репрессия. Казакстандын территориясындагы советтик «эмгек-оңдоо» концентрациялык лагерлери (Степлаг, Карлаг, ж.б.).

**10. Борбордук Азия элдери. 2 саат**

1920-1930-жж. Борбордук Азиядагы индустриялык курулуш саясаты жана практикасы. Оор өнөр жайындагы ири ишканаларды куруу. Түрксибдин курулушу. Индустриялаштыруунун жыйынтыктары.

Агрардык саясат. 1925-1929-жж. жер-суу реформалары. Айыл чарбасын колективдештирүү саясаты, анын оор кесепеттери. Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаны күч менен отрукташтыруу. 1931-1933-жж. ачарчылык. Дыйкандарга каршы сталиндик репрессия жана кулактарды тап катары жоюу. Казактардын республикадан тышкаркы массалык миграциясы. Кыргыз элинин казак келгиндерине көрсөткөн жардамы. Казак дыйкандарынын куралдуу чыгуулары жана Совет бийлигинин кандуу саясаты.

Элге билим берүү. Эски жана жаңы алфавит. «Сабатсыздыкты жоюу» үчүн күрөш. Илим жана жогорку окуу жайлары. СССР Илимдер академиясынын Казак, Өзбек филиалдарын түзүү. Адабият, искусство, театр, кино сүрөт искусствосу. Маданият тармагындагы советтик идеология (методдору жана жыйынтыктары).

**11. 1939-1945-жж. Экинчи дүйнөлүк согуш. 2 саат**

Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана жүрүшү. СССРге Германиянын басып кириши. Советтер Союзундагы Улуу Ата мекендик согуш. Экинчи дүйнөлүк согуштун негизги окуялары. Антигитлердик коалиция. Ф.Д. Рузвельт, И.В. Сталин, У. Черчилль. Ленд-лиз. Тегеран конференциясы. Окупацияланган территориялардагы «жаңы тартип». Геноцид саясаты. Холокост. Каршылык көрсөтүү кыймылдары. Экинчи дүйнөлүк согуштун акыркы этабы. Ялта, Крым конференциялары. Берлин операциясы жана Германиянын капитулацияланышы. Берлин (Потсдам) конференциясы. Япониянын капитуляцияланышы. Экинчи дүйнөлүк согуштун жыйынтыгы.

12. **1939 – 1945-жж. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги Борбордук Азия элдери. 2 саат**

Экинчи дүйнөлүк согушка Борбордук Азия элдеринин катышуусу. Генерал С.Рахимов. Согуш жылдарындагы Борбордук Азиядагы өнөр жайлар. Борбордук Азия республикаларына Украина жана Россиядан өнөр жайларын эвакуациялоо. Машина куруу жана металлургия өнөр жайларын түзүү. Согуш мезгилиндеги айыл чарба.

1937-1938-жж. Ыраакы Чыгыштагы корейлерди, 1940-ж. Прибалтика элдерин, 1941-ж. немецтерди департациялоо, 1943-1944-жж. (карачай, ингуш, чечен, крым татарларын ж.б.) күч менен көчүрүү. Жергиликтүү элдин аларга кайрымдуу мамилелери.

Согуш жылдарындагы илим жана маданият. Адабият, сүрөт искусствосу. Театр жана музыка искусствосу. Борбордук Азияга илимий мекемелерди жана жогорку окуу жайларын эвакуациялоо. Фашизмди жеңүүдө билим берүү, адабият, илим жана маданият ишмерлеринин салымы.

**13. Согуштан кийин дүйнө күчтөрдүн жаңыча жайгаштырылышы. «Кансыз согуштун» башталышы. 1 саат**

Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери. БУУ түзүлүшү. Согуштук кылмышкерлерди жазалоо. Нюринберг прецесси. «Кансыз согуш». Согуштук-саясий блоктор. Жарыша куралдануу. Маршаллдын планы. Түндүк Атлантикалык келишим (НАТО). Варшава келишими (ВК).

**14. Маалыматтык коомдун калыптанышы жана индустриялык доордун аякташы. 2 саат**

Согуштан кийинки жылдардагы Батыш Европа өлкөлөрүнүн саясатындагы жана экономикасындагы өзгөрүүлөр. Жаңы эл аралык шарттар. Дүйнөлүк сооданын либералдашуусу. Экономикалык интеграция. Арзан энергия жана чийки-зат доору. Мамлекеттик жөнгө салуу жана аралаш экономика. Социалдык мамлекет. «Керектөө коому». 1970-1980-жж. экономикалык кризистер. Илимий-техникалык революция. Үчүнчү өнөр жай-технологиялык революциясы. Постиндустриялык (маалыматтык) коом.

**15. Жарандык коом. Социалдык кыймылдар. 1 саат**

Индустриялык өнүгүүнүн аяктоо этабындагы социалдык проблемалар жана граждандык коом. Жарандык коомдун ролунун жана мүнөзүнүн өзгөрүшү. 1960-жж. студенттердин жана жаштардын жаңы солчул кыймылдары. Жарандык демилгелер кыймылы. Экологиялык кыймыл. Улуттук, этникалык, жана лингвистикалык кыймылдар. Чиркөөдөгү жаңылануу процесси.

16. **Эл аралык мамилелер. 2 саат**

Дүйнөлүк саясий өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү. Дүйнөнү демократташтыруудагы үч толкун. Азыркы мамлекеттерди топторго бөлүү. Экстремизм проблемасы. Улутчулдук. Европалык интеграция. ОБСЕни түзүү. АСЕАНды түзүү. Кошулбоо кыймылы. 1980-жж. эл аралык абалдын курчушу. Эл аралык жана аймактык конфликтер. Жакынкы Чыгыштагы конфликттер. Иран-Ирак согушу (1980—1988). Ирактын Кувейтке каршы агрессиясы.

Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ).

**17. Түркия. 2 саат**

Согуштан кийинки өлкөнүн саясий жана экономикалык өнүгүшү. Кемализм принцибинин жаңы түшүндүрмөсү. Демократиялык партиянын (ДП) түзүлүшү, бийликке келиши жана анын тышкы жана ички саясаты. Улуттук биримдик комитети жана анын ишмердүүлүгү. 1970-1980-жж. саясий кризис. Көп партиялык системанын өнүгүшү. Социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн тездетүү боюнча чаралар жана саясий либералдашуунун башталышы.

**18. Америка кошмо Штаттары. 2 саат**

Согуштан кийинки курс: «дүйнөлүк жоопкерчилик». XX к. жарымындагы өлкөнүн экономикалык жана саясий өнүгүшү. Трумэн. Маккартизм. «Жаңы чөйрө» саясаты. Д.Кеннеди. Кариб кризиси. Вьетнам согушунун башталышы. Рейган жана рейганомика. XXI к. башталышындагы АКШнын өнүгүшү.

19. **СССРдин согуштан кийинки өнүгүүсү**. **2 саат**

Репрессиянын жаңы толкуну, саясий абал. «Хрущевдук жылымык». Дың жерлерди өздөштүрүү мезгили. Л.И. Брежневдик башкаруу мезгили. Советтик экономиканы реформалоо аракеттери. 1960-1980-жж. совет системасындагы кризис. М.С.Горбачев жана кайра куруу. Коомдук турмушту демократиялаштыруу курсу. 1991-ж. август окуясы. СССРдин кулашы. КМШнын түзүлүшү.

**20. 1945 – 1990 –жж. Борбордук Азия. 3 саат**

1945-1990-жж. республикалардагы коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү. Борбордук Азия республикаларынын экономикасынын чийки зат өндүрүүгө багытталгандыгы. Семипалатинскидеги ядролук сыноолор. «Байконур» космодрому.

Н. Хрущевдун агрардык саясатындагы «жаңы курс» жана аны Борбордук Азия республикаларында жүзөгө ашыруу. Агрардык саясаттын кесепеттери. Арал трагедиясы. «Сенек» мезгилдеги эмгекчилердин материалдык абалы. Орто Азия республикаларындагы «кайра куруу». 1986-ж. декабрдагы Казакстандагы окуя: себеби, жүрүшү жана кесепеттери.

Билим берүү системасы. Окутуу, тарбиялоо жана чыныгы турмуш. Орто жана жогорку билим берүүдөгү кадрларды даярдоо. Сталинизм идеологиясы жана саясий репрессия. Е. Бекмахановдун иши. Элди улуттук баалуулуктардан, руханий мурастардан алыстатуу. Улуттук тилдердин ролун төмөндөтүү.

1946-1990-жж. Борбордук Азия республикаларынын маданияты. Адабият. Чыгармачыл мурастарды калыбына келтирүү. Адабияттын жана искуstводо чыгармалар Кино жана театрда, радио жана телевидениеде, реалдуу турмушту берүүдөн четтөө.

21. **Япония**. **1 саат**

Капитуляциядан кийинки Япониянын абалы. Америкалык оккупациялык режим жана Японияны демлитаризациялоо жана демократташтыруу чаралары. Сан-Францискодо кол коюлган тынчтык жана коопсуздук келишимдери. Жаңы Конституцияны кабыл алуу. Аградык реформа. Япониянын экономикасынын кайра жаралышы. XX к. 60-жж. япондук «экономикалык керемет». Япония XXI к. башында.

22. **Кытай**. **1 саат**

1946-1949-жж. Жарандык согуш жана элдик революциянын жеңиши. КЭР жарыяланышы. Мао Цзэдундун башкаруу мезгили. Жеке адамга сыйынуу. “Чоң секирик”. “Маданий революция”. СССР менен КЭРдин мамилесинин курчушу. Кытайдагы саясий өзгөрүүлөр. Ден Сяопин жана «төрт модернизация» саясаты. Гонконгдун кошулушу. Кытайдын күчтүү дөөлөткө айланышы.

**23. Азия жана Африка өлкөлөрү. 2 саат**

Индия жана Пакистан республика деп жарыяланышы. XX-XXI кк. Индия жана Пакистан. 1978-ж. Афганистандагы согуштук төңкөрүш жана анын кесепеттери. Афганистандагы жарандык согуш жана советтик аскерлердин киргизилиши. XX к. аягы – XXI к. башындагы Афганистан. 1979-ж. Иран революциясы, тышкы саясаты жана саясий өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү. Азыркы мезгилдеги Ирандын өнүгүшү. Араб өлкөлөрүндөгү негизги

тенденциялар. Суэц каналын улутташтыруу. Магриб өлкөлөрүнүн улуттук боштондук кыймылдары. Палестина проблемасы. XX – XXI кк. араб өлкөлөрү.

**24. XX - XXI к. башындагы Россия. 2 саат**

Б.Н.Ельцин жана анын чөйрөсү. Россиянын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы. 1996-ж. президентти шайлоо. Радикалык экономикалык кайра түзүүлөр жана анын жыйынтыгы. «Кара» базар жана жашоонун криминалдашуусу. Россиянын айыл чарбасындагы абал жана азык-түлүктүн экспортунан көз карандылыгынын өсүшү. В.В. Путин. Д.А. Медведев. 1999-2007-жж. экономикалык жогорулоо жана 2008- ж. кризис. Инновациялыку өнүгүү максаты жана экономикалык структура. Дүйнөлүк базар экономикасынын системасындагы Россия.

**25. XXI к. башындагы Борбордук Азиядагы көз карандысыз түрк тилдүү өлкөлөр. 2 саат**

Борбордук Азияда көз карандысыз республикалардын жарыяланышы. Саясий реформалар. Көп укладдуу экономиканын калыптанышы. Орто Азия республикаларында улуттук валютаны киргизүү.

Борбордук Азия республикаларындагы илимдин өнүгүшү жана билим берүү системасын реформалоо. XX к.- аягы XXI к. башындагы Борбордук Азия республикаларынын маданиятынын өнүгүшү. Борбордук Азия республикаларындагы маданий диалог. XXI к. башындагы адабият, музыкалык искусство, театр, киноискусство.

Диний баалуулуктардын жана исламдын руханий нарк-насилдеринин кайра жаралуусу. Элдердин улуттук каада-салттарынын калыбына келиши. Ноорузду майрамдоо, Орозо жана Курман айттар. Борбордук Азия республикаларынын диний жана мамлекеттик өз-ара байланыштары, анын негизги принциптери.

**26. XX к. – аягы XXI к. башындагы маданият жана илимдин өнүгүшү. 1 саат.**

Маданияттын жана илимдин өнүгүшүнүн негизги багыттары. XX к. табият таануу, коомдук илимдер, техника жана өнөр жай тармагындагы жетишкендиктер жана маанилүү ачылыштар. ЮНЕСКОнун ишмердүүлүгү. Көркөм маданияттын өзгөчөлүктөрү.

Маалыматтык доордун башталышы. Дүйнөнүн сүрөттөлүшүнүн өзгөрүшү. Интернет жана глобалдык маалымат мейкиндигинин калыптанышы. Бирдиктүү маалымат мейкиндигинин калыптанышынын натыйжалары. Дүйнө жаңы биригүү жолунда. Жаңы баалулуктардын калыптануу жолунда.

**Кайталоо: 2 саат**
**Практикалык сабак: 2 саат**
**Жалпы саат 48**

## 9-класс

## КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

***(жумасына 3 саат, жылына 54 саат)***

**1. Кыргызстан 1917-1918-жж. революциялар мезгилинде. 1 саат**

1917-ж.февраль революциясы. Убактылуу өкмөттүн колониялык саясаты. Алгачкы революционерлер: К. Сарыкулаков, И. Көбөков, Т.Жукеев. Октябрь революциясы жана Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу. Улуттук-колониялык эзүүнү жоюу аракеттери. Совет өкмөтүнүн Кытайга качкан кыргыздардын кайтып келүүсү жана аларды жайгаштыруу боюнча иш-аракеттери.

**2. Кыргызстандагы жарандык согуш. 1 саат**

Кыргызстанда жарандык согуштун башталышы жана анын өзгөчөлүгү. Кыргызстандын аймагындагы келгин дыйкандардын антисоветтик козголоңдору. Жети-Суу фронтунун түзүлүшү. М.В.Фрунзе, А. Осмонбеков. И. Бектемиров. Түштүк Кыргызстандагы басмачылык кыймыл анын себептери, социалдык базасы жана мүнөзү. “Басмачылык” менен күрөшүү жана аны басуу. Мадамин-бек. Кыргызстанда жүргүзүлгөн “аскердик саясаттын”

өзгөчөлүгү.

3. **Кыргызстан ЖЭС жылдарында. 1921-1928 жж. 1 саат**

Большевиктердин «аскердик коммунизм» саясатынан баш тартышы жана жаңы экономикалык саясатка (ЖЭС) өтүшү. Айыл-кыштактарда азык түлүк чачымынын ордуна бирдиктүү салыктын киргизилиши. 1921—1922-жж., 1927—1928-жж. жер-суу реформалары. Өнөр жайда кайра куруу иштери, кустардык өнөр жайдын өнүгүшү. Сооданын жанданышы. Керек-жарак кооперациясынын ролунун өсүшү.

4. **Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы. 2 саат**

Большевиктердин улут саясатына карата түрдүү пикирлер. Кара Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү. А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков. Советтик Кыргызстандын борбору - Пишпек (Фрунзе). 1926-жылы Кыргыз автономиялуу областынын Кыргыз АССРине, 1936-жылы Союздук Республикага айланышы. Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы (1937-ж. 20-март). Пропаганда жана чыныгы жетишкендиктер.

5. **20-жж. жана 30-жж. башындагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу. 1 саат**

«Жергиликтештирүү» саясаты жана улуттук маселеси боюнча күрөш. Кыргызстандын жетекчилигиндеги топтордун ич ара күрөшү жана анын залалдары. «Отуздун» каты. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна сталинизмдин зыяндуу таасири.

**6. Кыргызстан 20-30-жж. «Улуу бурулуш». 2 саат**

Тездетилген индустриялаштыруу: улуттук өзгөчөлүк. «Интергельпо» кооперативи. Жумушчу жана инженердик адистерди даярдоо. Кыргызстандын агрардык өнөр жайлуу республикага айланышы. Жетекчиликтин акимчил-буйрукчул системасынын жана «үчилтик баш ийүүнүн» эл чарбасына тийгизген таасири. Ж. Абдрахманов. Социалисттик мелдеш. Ударниктер жана стахановчулар. Жеке сооданы жана ишкердүүлүктү жоюу. Камсыздоонун крисизи жана карточкалык системанын киргизилиши.

8. **Айыл чарбасы. 2 саат**

Айыл чарбасын коллективдештирүү. Көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларьш отурукташтыруу. Дыйкандардын нааразычылыгы. «Кулакка тартуу». Коллективдештирүүгө кыргыз дыйкандарынын каршы болушу. Айыл социуму: бай-манаптар, орто катмарлар жана кедей-кембагалдар. Айыл чарба коммуналары, артелдер жана ТОЗдор. Колхоз түзүмүнүн калыптанышы. МТСтарды түзүү.

9. **Сталиндин «керт башына сыйынуучулуктун» бекемделиши.1 саат**

Партиялык орган сталиндик саясаттын негизги инструменти. Диктатураны колдоодо мамлекеттик коопсуздук органынын ролу. Цензуранын күчөшү. ВКП(б)нын тарыхынын «Кыскача курсунун» басылып чыгышы жана коомдун үстүнөн идеологиялык текшерүүнүн күч алышы. Паспорттук системанын киргизилиши.

**10. 1937-1938 жж. массалык саясий репрессиялар. 1 саат**

НКВДнын «Улуттук операциясы». 1920-30-жж. пантүркизм идеологиясын колдоочулар катары кыргыз интеллегенция өкүлдөрүн жана башка катмардагы калкты массалык репрессиялоо. (А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, Е. Д. Поливанов, И. Арабаев ж.б.). Илим менен маданияттын ишмерлерин репрессиялоо: К. Тыныстанов, Е. Поливанов, С. Карачев, Э. Арабаев, Б. Солтоноев жана башкалар. Республикадагы репрессиянын натыйжасы.

**11. Большевиктердин социалдык саясаты. 1 саат**

Жумушчулардын жана дыйкандардын абалы. Аялдардын эмансипациясы. Жаштар саясаты. Социалдык «тепкичтер». Саламаттыкты сактоо системасынын калыптанышы. Энеликти жана балалыкты коргоо. Балдардын кароосуз калышына жана кылмыштуулукка каршы күрөш. Балдардын эс алуусун уюштуруу. Мурдагы «эзүүчүлөр табынын» өкүлдөрүнүн абалы. Укуктарынан ажыратылгандар.

**12. «Жаңы совет адамын» калыптандыруу. 1 саат**

Коллективдүү баалуулуктар жөнүндө пропаганда. Интернационалдык жана советтик

мекенчилдикке тарбиялоо. Керектөөлөр жана базар. Акча, карточка жана кезек күтүү. Турак-жай маселелери. Беш жылдыктардын курулуштарындагы эмгек жана турмуш-тиричилик шарттары. Турмуш-тиричиликтин коллективдүү формасы. «Коммунисттик кекирейүүчүлүк». Алгачкы беш жылдыктардагы коомдук энтузиазм. Эмгек тартибинин төмөндөшү.

**13. 1920-1930-жж. күнүмдүк турмуш. 1 саат**

Күнүмдүк турмуш жана коомдук маанай. Үй-бүлөгө, никеге, балдарды тарбиялоого мамиле. 1930-жж. энелик жана балалык. Шаардагы эс алуу. Маданият парктары жана эс алуу жайлары. Пионерия жана комсомол. Аскердик-спорттук уюмдар. Айылдагы жашоо. Эмгек күнү. Колхозчулардын жеке көмөкчү чарбалары.

**14. Динге карата мамилелер. 1 саат**

«Кудайсыздардын кужүрмөн союзу». Диний конфенциялардын абалы. Диний көз караштарга каршы күрөшүү. Коомдун руханий турмушуна идеологиялык көзөмөлдөө системасын түзүү. Советтик ырым-жырымдар жана майрамдар.

**15. Кыргызстандын маданий мейкиндиги. 1 саат**

Маданият жана идеология. Социалисттик реализм көркөм метод катары. Адабият жана искусство чөйрөсүндө катуу мамлекеттик көзөмөлдүн орношу. Чыгармачылык союздардын түзүлүшү жана советтик маданиятты пропагандолоодогу ролу. Улуттук региондордо маданий революция жана анын өзгөчөлүктөрү.

**16. 1920-1930-жж. маданий революция. 1 саат**

Сабатсыздарга каршы курөш. Милдеттүү баштапкы билим берүүдөн - массалык орто мектепке өтүү. Улуттук жазууну түзүү жана алфавитти алмаштыруу. Атайын орто жана жогорку окуу жайларын түзүү. Улуттук интеллигенциянын калыптанышы. И.Арабаев, К.Тыныстанов. Китепканалардын, кинотеатрлардын түзүлүшү, газета жана журналдарды басып чыгаруу, музейлерди куруу. Айылдык окуу үйлөрү.

**17. 1930-жж. адабияттын жана искусствонун өнүгүшү. 1 саат**

Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Жоомарт Бөкөнбаев. Сүрөт өнөрү: Гапар Айтиев, Семён Чуйков. Кыргыз улуттук театрынын түзүлүшү. Элдик музыка: Карамолдо Орозов, Мураталы Күрөңкеев, Муса Баетов, Атай Огонбаев. Классикалык музыканын пайда болушу: Абдылас Малдыбаев, Мукаш Абдраев, Владимир Власов, Владимир Фере. Алгачкы кыргыз операсы жана балети.

Кыргыз элинин илиминин жана маданиятынын калыптануусунда орус интеллегенциясынын ролу: А.Е. Ферсман, Е.Д. Поливанов, А.В. Затаевич, Д. Щербаков, К.К. Юдахин ж.б.

**18. Кыргызстан Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде. 1 саат**

Кыргызстандыктардын Экинчи дүйнөлүк согушка катышуусу. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги кыргыздын даңктуу уулдары. Экинчи дүйнөлүк согуштагы кыргызстандыктардын жоготуусу.

**19. Кыргызстандын экономикасы Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде. 2 саат.**

Эвукацияланган ишканаларды, илимий мекемелерди жана окуу жайларын жайгаштыруу. Эмгек жана экономикалык ресурстарды майдандын кызыкчылыгына мобилизациялоо. Аялдардын жана өспүрүмдөрдүн өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндөгү ролу. Окумуштуулардын кайратман эмгеги. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын түзүлүшү (1943-ж.). Калктын майданга көмөгү. Коргоо фондуна ыктыярдуу акчалай салымдары. Эвакуациялангандарга жардам. Аскердик госпиталдарды жайгаштыруу.

**19. Согуш жылдарындагы маданий мейкиндик. 1 саат**

Адам жана согуш: оорук жана майдан. Согуш шартындагы жазуучулар, композиторлор, сүрөткерлер, окумуштуулар. Концерттик бригадалардын фронттогу чыгуулары. Советтик ооруктагы күнүмдүк жашоо. Өндүрүштөгү аскердик тартип. Шаарларда карточкалык система жана камсыз кылуу нормасы. Айылдардагы абал. Шаарларда жана айылдарда аман калуу стратегиясы. Балалыкты сактоо боюнча мамлекеттик иш-аралар жана коомдук демилгелер.

**20. Кыргызстан согуштан кийинки жылдарда (1945 – 1953-жж.). 2 саат**

Саясий режимдин катаалданышы. Өнөр жайдын жарандык продукция чыгарууга өтүүсү. Агрардык саясаттагы өзгөрүүлөргө үмүттөр. Коомго идеологиялык басымдын күчөшү. «Космополитизм» менен күрөшүү. Идеологиялашкан илимий дискуссиялар жана анын илимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири. Республикадагы адабиятчылар жана жазуучуларды куугунтуктоолор жана репрессиялар: Т.Байжиев, З.Бектенов, Ж. Шукуров, Т. Саманчин.

**21. Согуштан кийинки жылдардагы калктын күнүмдүк турмушу. 1 саат**

Коомдук маанай. Майдандан кайткандарды социалдык адаптациялоо. Согуштан кийинки жылдардагы айыл калкынын абалы. Көмөкчү чарбаларды чектөө саясаты. Товардык таңсыктык. Турак-жай.

**22. Кыргызстан 1953 — 1964-жж. 1 саат**

Актоо процессинин башталышы. Мамлекеттик башкарууну кайра куруу, республикаларга айрым укуктарды берүү. Айыл чарбасындагы кризистик көрүнүштөр жана азык-түлүк проблемасы. Колхозчулардын жашоо деңгээлинин жогорулашы. Көмөкчү чарбаларды чектөөлөр. Республиканын айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр.

**23. 50-жж. Кыргызстандагы совет адамдарынын күнүмдүк турмушу. 1 саат**

Социалдык саясат: эмгек акынын жогорлашы, калктын жашоо деңгээлинин көтөрүлүүсү. Кыргызстан Батыштагы керектөө революциясынын башталышынын шартында. Теле көрсөтүү. Технологиялык ачылыштардын күнүмдүк турмушка таасири. Массалык турак-жай курулушу. «Хрущевкалар». Стилчендер.

**24. 60-жж. ортосундагы — 80-жж. башындагы Кыргызстандын саясий жана экономикалык өнүгүүсү. 1 саат**

Республиканын коомдук-саясий турмушу. 1978-ж. Кыргыз ССРинин Конституциясын кабыл алуу. Идеологиялык турмуш. Социалдык апатиянын өсүшү. Республикада 1965—1967-жж. чарбалык реформаны жүргүзүү, анын ийгиликсиз аякташынын себептери. Эл чарбасынын өнүгүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү. Экономикалык өсүштүн жайланышы. Айыл чарбасынын өнүгүшүнүн кыйынчылыктары. Азык-түлүк проблемасынын тереңдеши. 1980-жж.советтик экономикадагы кризис.

**25. Кыргызстандагы руханий турмуш. 2 саат**

Билим берүү жана илимдин өнүгүшү. Кыргыз ССР ИА түзүлүшү жана анын курамында илимий иниституттардын ачылышы. И. Ахунбаев, Б. Жамгырчинов, К. Юдахин, М. Адышев, К. Скрябин, Ж. Шүкүров.

Адабияттын жана көркөм өнөр искусствосунун өнүгүшү (Т. Сыдыкбеков, Г. Айтиев, К. Баялинов, С. Жусуев, Ч. Айтматов ж.б.). Адабиятта, искусстводо жана кино тармактарында советтик чындыктын чагылдырылышы. Советтик системанын крисизинин коомдун рухий жашоосуна тийгизген таасири. Ысык-Көл форуму. Ч. Айтматов. Киноискусство: Т. Океев, Д. Асанова, Б. Шамшиев, С. Чокморов. Дене тарбия жана спорттун өнүгүшү. Кыргызстандыктардын Москвадагы олимпиадалык оюндарга катышуусу жана жетишкендиктери.

**26. 60-90-жж. Кыргызстандагы совет адамдарынын күнүмдүк турмушу. 1 саат.**

«Сенектик доорундагы» коомдук маанай. Турмуш-тиричиликтеги өзгөрүүлөр. Элдин жыргалчылыгынын салыштырмалуу өсүшү: мүнөздүү көрүнүштөр. Совет коомунун керектөө моделинин калыптанышы. Таңсыктык жана кезекке туруулар. Эмгекчи элдин күнүмдүк турмушу. Партиялык жетекчиликтин жашоо образы.

**27. Кыргызстан в 1985 - 1991 гг. 1 саат**

Тездетүү стратегиясы жана экономиканы реформалоо аракеттери. Жеке ишкердикке уруксат берүү (жеке эмгек ишмердиги). Өнөр жай жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн төмөндөшү. Азык-түлүк таңсыктыгы жана карточкаларды киргизүү. Кайра куруу жана маалымдуулук саясаты. Антиалкоголдук кампания. Кыргыз тилине мамлекеттик тил укугунун ыйгарылышы. Калктын коомдук-саясий активдүүлүнүн жогорулашы.

**28. Эгемен Кыргыз мамлекетинин жаралышы. 1 саат**

1989—1990-жж. шайлоолор. «Ашар» кыймылы (1989). «Кыргызстан Демократиялык кыймылы». 1991-ж. Август төңкөрүшү. СССРдин таркашы. СССРдин аймагында эгемен

мамлекеттердин түзүлүшү. Кыргызстандын эгемендигинин жарыяланышы (1991 г.). КМШнын түзүлүшү.

**29. Эгемен Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүндөгү үч ашуу (этап). 1 саат**

1993-ж. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы. А. Акаев. Кыргызстандын социалдык-саясий жана экономикалык өнүгүшү.

Аксы окуялары. 24-марттагы элдик революция. К. Бакиев. 2010-ж. экинчи элдик революция. Р.Отунбаева. Элдик референдумдун негизинде Конституциянын жаңы редакциясынын кабыл алынышы (27-июнь, 2010-ж). Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо. А. Атамбаев.

**30. Кыргызстан көп этностуу өлкө. 1 саат**

Кыргызстан элинин курамы. Миграциялык процесс. Тынчтык саясаты жана улут аралык мамилелер. Кыргызстан элинин курултайы. Кыргызстан Элинин Ассамблеясынын ишмердүүлүгү. Улуттук-маданий борборлор жана алардын ишмердүүлүктөру. Ааламдык этноконфессионалдык маселелерди чечүү тажыйрбасы жана Кыргызстандагы элдердин жана маданияттын биргелешип ийгиликтүү өнүгүшү.

**31. Кыргыз этносу. 1 саат**

Саны жана аймактык жайгашуусу. Кыргыз Республикасынан сырткары кыргыздар. Этногенез. Антропологиялык келбети. Тил. Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Жазуусу.

**32. Кыргызстанда жашаган орус эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймагына жайгашуусу жана саны. Этногенез. Кыргызстандын аймагына жайгашуу жолу жана мезгили. Тили. Көчүп келүү кыймылы. Келгиндер кыймылынын коомдук жана социалдык аспектиси. Кыргызстандагы православие. Борбордук Азиядагы жана Кыргызстандагы чиркөө уюму. Салттык ырым-жырымдары. Кыргызстандагы улуттук экономиканын, маданияттын жана илимдин өнүгүшүнө орус элинин тийгизген ролу. Кыргыз Республикасында орус тили официялдуу статуска ээлиги.

**33. Кыргызстанда жашаган өзбек эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймагындагы саны жана жайгашуусу. Этногенез. Тил. Өзбек-кыргыз өз ара мамилелери. Этникалык топтор. Малчылык жана дыйканчылык. Шаар. Кол өнөрчүлүк. Коомдук жана социалдык түзүмү. Материалдык маданияты. Кийим кечеси. Коздук буюмдары. Үй куруусу. Элдик искуствосу. Ислам. Эпос. Дастан, жомок жана ырлары. Элдик театры жана цирки.

**34. Кыргызстанда жашаган казак эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймактарында жайгашуусу жана саны. Казак-кыргыз мамилелери. Этногенез. Тили. Чарбасы. Дыйканчылыгы. Коомдук түзүлүшү. Турак-жайы. Элдик кийим кечеси. Тамак-аш. Фольклор. Санжырасы. Ислам.

**35. Кыргызстанда жашаган уйгур эли. 1 саат**

Кыргызстан аймагында жайгашуусу жана саны. Этногенез. Тили. VI-XIX кк уйгурлар жана кыргыздар. Кыргызстан аймагына жайгашуу мезгили жана жолу. Дыйканчылык. Кол өнөрчүлүк. Улуттук кийим кечеси. Матералдык жана руханий маданияты. Коомдук жана үй-бүлөлүк турмушу. Кытай жана Россияда жашаган уйгурлар менен туугандык байланыштары.

**36. Кыргызстанда жашаган тажик эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймагына жайгашуусу жана саны. Этногенез. Тили. Кыргыз-тажик мамилелери. Шаар. Кол өнөрчүлүгү. Коомдук жана социалдык түзүмү. Материалдык жана руханий маданияты. Кийим кечеги. Коздук буюмдары. Элдик искусствосу.

**37. Кыргызстанда жашаган дунган эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймагында жайгашуусу жана саны. Этногенез. Тили. 1862-77-жж дунган көтөрүлүшүнүн жеңилиши жана Кыргызстан менен Казакстанга алардын жер которуусу. Чарбасы. Дыйканчылыгы. Борбордук Азия элдерине дунгандардын жер иштетүү ыкмасынын таасири. Коомдук түзүлүшү. Турак-жайы. Улуттук кийими. Тамак-ашы. Фрольклор. Ислам.

**38. Кыргызстанда жашаган украин эли. 1 саат**

Кыргызстан аймагына жайгашуусу жана саны. Этногенез. Тили. Көчүп келүү кыймылы. Материалдык жана руханий маданияты. Коомдук жана үй-бүлөлүк турмуш-тиричилиги.

**39. Кыргызстанда жашаган немис эли. 1 саат**

Кыргызстандын аймагына жайгашуусу жана саны. Этногенез. Тили. Материалдык жана руханий маданияты. Кыргызстандагы чиркөөлук уюму. Коомдук жана үй-бүлөлүк тиричилиги. Үй куруу салттары.

**40. Кыргыз Республикасы жана дүйнөлук коомчулук. 2 саат**

Кыргыз Республикасынын көз каранды эместигин дүйнөлүк коомчулуктун таанышы. Эгемендүү Кыргызстандын эл аралык байланыштары жана тышкы саясаты. Кыргызстандын БУУга, башка эл аралык уюмдарга мүчө болушу. Чет өлкөлөр менен байланыштарды жолго коюу. Чет элдик капиталды тартуу чаралары. Чет мамлекеттер менен экономикалык байланыштарды чындоо.

**41. XXI к. башындагы кыргыз коомунун жаңы жүзү. 1 саат**

Деиндустриаялаштыруу тенденциялары жана экономиканын энергоресурстардын дүйнөлүк баасына көз карандылыгы. Илимге негизделген технологияларды киргизүү проблемалары жана аларды киргизүү жолдору. Мамлекет тарабынан социалдык жоопкерчиликтүү бизнес маселесинин коюлушу. Социалдык жана профессионалдык структура. Иш менен камсыз болуу жана эмгек мигарциясы. Мамлекеттин социалдык саясатынын негизги принциптери жана багыты. Саламаттыкты сактоо реформалары. Пенсиялык реформа.

**42. Азыркы Кыргызстандагы күнүмдүк жашоо.1 саат**

Калктын ар турдүү катмарынын жашоо деңгээлинин сапаты, киреше өлчөмү. Жаңы технологилап жана алардын тиричидикке таасири (мобилдик байланыш, компьютероештирүү ж.б.). Коомдун социалдык жикке бөлүнүшү.

**43. XX к. аягындагы - XXI к. башындагы азыркы Кыргызстандын маданий турмушу. 2 саат**

«Төртүнчү бийлик» ММКлардын коомдук ролунун жогорулашы. Маданияттын коммерциялашуусу. Билим берүү, илим жана маданият реформалардын шартында. Билим берүүнүн жана илимдин өнүгүшүнүн башкы тенденциялары. Билим берүүнү реформалоо жана анын натыйжалары. Акы төлөп билим алуу чөйрөсүнүн кеңейиши. Илимди финансылоонун азайышы. Интеллектуалдык профессиялардын кадыр-баркынын төмөндөшү. Чет өлкөлөргө илим-билимдүү адисттердин чыгып кетиши. Кыргызстандын окумуштууларынын негизги жетишкендиктери жана алардын эмгектеринин натыйжаларына мамлекет тарабынан талаптын жоктугу.

Азыркы көркөм маданияттын: адабияттын, киноискусствонун, театрдын, көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүү өзгөчөлүктөрү. Ааламдашуу процесси жана массалык маданият.

**44. Динге карата мамилелер. 1 саат**

Диний уюмдар. Диний конфессиялар жана алардын өлкөнүн турмушундагы ролунун жогорулашы.

**Кайталоо: 2 саат**

**Жалпы саат 54**